# А. МЫРСАБЕКОВ АТЫНДАГЫ ОШ МАМЛЕКЕТТИК ПЕДАГОГИКАЛЫК УНИВЕРСТИТЕНИНИ

# ЖАРЧЫСЫ

# ВЕСТНИК

## ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО ПЕДАГОГИЧЕСКОГО УНИВЕРСИТЕТА

## им. А. Мырсабекова

**Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 11-февралындагы “Жусуп Абдрахмановдун туулган күнүнүн 120 жылдыгын белгилөө жөнүндөгү” жарлыгына ылайык, ошондой эле Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнүн 30 жылдыгына, алгачкы кыргыз профессору Касым Тыныстановдун 120 жылдыгына карата уюштурулган “МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮККӨ КАРАЙ ТАРЫХЫЙ КАДАМ: ЖУСУП АБДРАХМАНОВ, КАСЫМ ТЫНЫСТАНОВ” аталышындагы республикалык илимий-практикалык конференциянын материалдары**

**№1(18) 2021**

**ЖУРНАЛДЫН РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШИ**

**Зулуев Б.Б. -** башкы редактор**,** Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин ректору, педагогика илимдеринин доктору (педагогика);
**Абсатаров Р.Р. –** башкы редактордун орун басары, биология илимдеринин кандидаты, доцент, ОшМПУ (экология);
**Койлубаева Э.Ы. -** жооптуу катчы, "ОшМПУ жарчысы" илимий усулдук журналынын редактору;
**Редакциялык кеңештин мүчөлөрү**

**Физикалык-математикалык илимдер**

**Таиров М.М.** – Физика-математикалык илимдеринин доктору, профессор, ОшМПУ (физика)
**Мадраимов С.М. –** педагогика илимдеринин кандидаты, профессор, ОшМПУ (жогорку жана колдонмо математика)
**Абдывасиева З**. - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, ОшМПУ (математика)
**Арынбаев Э.К.** - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, ОшМПУ (информатика)

**Педагогикалык илимдер**

**Алимбеков А.А.** – педагогика илимдеринин доктору, профессор, "Манас" КТУ (педагогика)
**Миңбаева К.Б.** –педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, ОшМПУ (педагогика)
**Даминова И.** - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, ОшМПУ (педагогика)
**Мондошов Ш.Н**. - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, ОшМПУ (педагогика)

**Тарых жана философия илимдери**

**Нурумбетов Б.А. –** тарых илимдеринин доктору, профессор, ОшМПУ (тарых)
**Осмонов С.Ж.** - тарых илимдеринин кандидаты, доцент, ОшМПУ (тарых)
**Сагынбай кызы Н.-** тарых илимдеринин кандидаты, доцент, ОшМПУ (тарых)
**Шарипова Р.З.-** философия илимдеринин кандидаты, доцент, ОшМПУ (философия)

**Биологиялык жана химиялык илимдер**

**Самиева Ж.Т. –** Биология илимдеринин доктору, КӨУ (биология)
**Раимбеков К.Т.** - биология илимдеринин кандидаты, профессор, ОшМПУ (биотехнология)
**Омуралиева Г.К.** - биология илимдеринин кандидаты, профессор, ОшМПУ (биология)
**Бабеков А. У.** – химия илимдеринин кандидаты, профессор, ОшМПУ (химия)

**Географиялык илимдер**

**Топчубаев А.Б. –** география илимдеринин доктору, профессор, ОшМПУ (география, геоэкология)
**Низамиев А.Г.** - география илимдеринин доктору, профессор, ОшМУ (география)
**Куйчиев А**. – техника илимдеринин кандидаты, доцент, ОшГПУ (география)

**Филологиялык илимдер**

**Атакулова М.А. –** Филология илимдеринин доктору, профессор, ОшТУ (Орус тили жана адабияты)
**Джумаева Ж.Т.** – филология илимдеринин кандидаты, доцент, ОшМПУ (кыргыз тили жана адабияты)
**Шамурзаев А.Ж. -** филология илимдеринин кандидаты, доцент, ОшМПУ (англис тили)

**Экономикалык илимдер**

**Субанов Т.Т.** – экономика илимдеринин кандидаты, доцент, ОшМПУ (экономика)
**Абылов Р.А.** - экономика илимдеринин кандидаты, доцент, ОшМПУ (экономика)

**Социологиялык илимдер**

**Маткаримов Н.Т. –**социология илимдеринин кандидаты, доцент, ОшМПУ (социологиялык илимдер)

**Уюштуруучу:**
***А. Мырсабеков атындагы* Ош мамлекеттик педагогикалык университети**
Журнал Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги тарабынан каттоодон өткөн
Каттоо №1527 15.05.2009-ж.
Кайра катоодон 01.10.2021-ж. өткөн

**Редакциянын дареги:**
714018, Кыргызстан, Ош ш. Исанова көчөсү 73
Тел.: (+996-3222) 4-35-67; 4-35-71
Факс: (+996-3222) 4-35-67
E-mail: vestnik-ogpu@mail.ru
Web/сайт: http://ilim.oshmpu.kg

# ЖУСУП АБДРАХМАНОВ – КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТИНИН НЕГИЗДӨӨЧҮЛӨРҮНҮН БИРИ

**КЫЯС МОЛДОКАСЫМОВ**

**Тарых илимдеринин кандидаты, КР Президенттик Аппараттын алдындагы “Мурас” Фондунун төрагасы**

## ӨЛКӨ БҮТҮНДҮГҮ, КЕЛЕЧЕГИ ҮЧҮН КҮРӨШКӨН УЛУТ ЛИДЕРИ ЖУСУП АБДРАХМАНОВ

**Мамлекет алсырап, элдин ынтымагы ыдырап, адамдардын жан дүйнөсү жакырланып, келечекке карата ишеними жабыркап турган учурда өтмүштүн өрнөктүү учурлары, чыгаандардын чаалыкпаган аракеттери, катаал замандын запкылары менен сабактары чыйралтып, эсиргендерди эс-акылга чакырып, мээсине мекенчил сезимди тирилтип, көөдөнүндө өчкөн отту тутантып, сенейген денесин дендароолуктан ойготобу? - деген суроо ар убак толгонтуп, жооп издетип ойлонтуп келет. Түнкү уйкудан бездирет. Санаага батырат. Анын үстүнө алдым-жуттум заманда тарыхыңды уруп ойнобогон алабарман саясатчылар, байлык-бийликке азгырылган жетекчилер өздөрүн дүйнөнүн түркүгүндөй сезишип, улуттун улуу инсандарын туу тутпайт. Таазим этишпейт. Өрнөк алышпайт.**

**20-21 жашында Кыргыз мамлекетин түптөөгө, сактап калууга бараандуу салым кошуп, 25 жашында Өкмөттү жетектеп, өлкөсүнүн өнүгүшү үчүн өмүрүн сайган Жусуп Абдырахманов 36 жаш курагында бейкүнөө атылып кеткен. Кыргыз эли өткөн кылымдын 20-30-жылдарында Жусуптай чыгаан уулун чыгарса, 40-50-жылдары Исхак Раззаковдой улуттук лидерин жаратты. Тилекке каршы андан кийинки мамлекет башчылары кыска, узак убакыт өлкөнү жетектеп турганы менен, чыныгы лидерге элибиз жарыбай койду. Эгемендүүлүккө ээ болгон 30 жылдан бери элибиз Улуу Көчүнөн адашып, өз жолун табууда, өнүгүү жолуна түшүүдө кеменгер жетекчиге жетпей келгени өкүткө салат. Биз бул чакан баяндамабызда улут лидери Жусуп Абдрахмановдун уруунтуктуу айрым учуруна гана токтолобуз. Тактап айтканда Кыргыз мамлекетин түптөөгө салым кошкон, бүтүндүгүнө кам көргөн ишмердигин учкай баяндайбыз.**

### Өлкө тагдыры өкчөлгөн, күрөш менен сакталган заман

Кылымдарды кучагына алган карт тарыхында Кыргыз мамлекети катаал тагдырга туш келген кырдаалдар көп болду. Эгемендүүлүккө ээ боло албай зарлап жүргөн учурлары да арбын. 30 жыл мурда өз алдынча мамлекет болушубуз – бул элибиздин бактысы, жараткандын кыргыз элине жасаган ырайымы, билген кишиге бир чети сыноосу. Сынак мөөнөтү сызылып өтүп жатат. Өткөөл заман бүтпөй, олку-солку абалдан чыга албай келебиз. Эркиндикти барктай албасак, сактай албасак, учугун улай албасак бактыбызды көздү ачып-жумгучакты эле учуруп жиберебиз. Бийлик талаш, байлык талаш менен жүрүп 30 жылды текке кетирдик. Эгемендүүлүктүн өзү түгүл пайдубалы да толук түптөлбөдү. Жакын аралыкта түптөлөөрүнө да көз жетпейт. Андыктан эртерээк эс акылга келбесек, эртең энебиздин тоюн көрөбүз. Мына ушул өңүттөн алганда Жусуп Абдрахманов менен

Абдыкерим Сыдыков башында турган кыргыз элитасы өткөн кылымдын 20-жылдары баа жеткис эмгек жасашкан. Алар Кыргыз мамлекетинин кайрадан куралбай калышынан, жок болуп кетүү коркунучунан сактап калган. Азыркы элита өткөндүн улуу сабагын унутушуп, эгемендүүлүктү кыйроо абалына алып келишти. Багыты жок саясат башаламандыкты жаратып, максатсыз аракеттен майнап чыкпай келет. Ойлоно турган мезгил, ойгоно турган убак келди окшойт, кыргызым. Эми кептин нугун кайрадан каарманыбызга буралы.

Жусуп 1921-жылы көптөн бери эңсеген Ата Журтуна келет. Алгач ал Түркстан Компартиясынын Пишпек уездик-шаардык комитетинин уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, андан көп өтпөй Каракол уездик-шаардык комитетинин жооптуу секретары жана ушул уезддеги “Кошчу” союзунун президиумунун мүчөсү болгон. Ушул кызматтарды аркалап жүргөн учурунда Кыргызстандын өз алдынча мамлекет болуп түптөлүшүнө өзгөчө аракет кылган. Чындыгында бул учурда Кыргызстандын бар же жок болуп кетүүсүнүн тегерегинде айгышкан күрөш башталган. 1920-жылы Казакстан Кыргыз автономиялык республикасына айланганда Жети-Суу жана Сыр-Дарыя облусунда кыргыздар жыш жашаган аймактар кирген эмес. Ал эми казак жетекчилери кыргыздар жашаган аймакты өздөрүнө кошуп алуу аракетинде болушкан. Ага кыргыздардын арасынан Рахманкул Кудайкулов баштаган кыргыздашып кеткен айрым казактар шыкакчы болушуп, Казакстандын курамына автономия болуп кирүүгө жан үрөшкөн. Бул тирешүү эмне менен аяктаарын кошуна башка элдер да чыдамсыздык менен күтүшкөн. Эгерде казак жетекчилеринин аракеттери, ичтен чыккан ийри жыландардын шыкагы менен ишке ашып кетсе, Кыргызстандын Түштүк тарабын бөлүп кетүүгө даяр турган күч жетиштүү болчу. Бул Кыргызстан деген мамлекеттин биро толо картадан жок болушу менен аяктамак. Ал эми эл 50 жылдан кийин өз эне тилин өгөйлөп, 100 жылда улуттук белгилеринен ажырап калмак. Мына ушундай коркунучту Абдыкерим Сыдыков, Жусуп Абдырахманов баштаган кыргыз элитасынын экинчи бөлүгү туура түшүнгөн. Ошондуктан ортодо айгышкан күрөш жүргөн. Кыргыздын чыныгы мекенчил элитасы коргонуу менен гана чектелбей, чабуулга өтүп, аталган облуста жашаган кыргыздарды Тоолуу Кыргыз облусу аталышта кошуналардан көз карандысыз мамлекетчеге бириктирип, РСФСРдын курамына түз кошулууну көздөшкөн. Ошондо гана кошуналардын көз артуусунан кутулабыз деп ойлошкон. Мындай демилге 1922-жылдын жаз айынан жанданып, Москванын макулдугун алууга жетишип, уюштуруу съезд чакыруу боюнча уюштуруу комитет түзүшкөн. Анын башында партиядан чыгарылганына карабай Абдыкерим Сыдыков турган. Анын оң колу катары шакирти Жусуп негизги уюштуруу иштерин мойнуна алган. Натыйжада съезд өз ишин 1-июнда баштап, анда Тоолуу Кыргыз облусу түзүлгөнү жарыяланат. Бул күн Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн Совет доорунда калыбына келтирүүгө багытталган алгачкы иш-чарасынын күнү катары тарыхтан орун алган. Белгилей кетүүчү жагдай, Түштүктөгү кырдаалга карата Фергана облусунда жашаган кыргыздар аталган облуска кийинчерээк кошулаары маалымдалган. Съезддин чечимин Москвага билдирип, алардан жооп күткөн. Бирок жеңилип калган Рахманкул Худайкулов тарап жөн жатып калбай, болушунча каралоо иретинде, “бай-манаптардан турган улутчул топ жаңы түзүлүшкө каршы Тоолуу облус түзүшкөнүн, алар Союздун карамагынан чыгууну көздөп жатышканын” жалаа кылып, Борбордук комитетке каттарды жаадырган. Ошол кездеги уруулук бөлүнүүчүлүк, бirимдиктин жоктугу ого бетер шыкак болуп, жакшы тилек менен башталган ишке Москва далысын салып, худайкуловчуларды жактап чыгат. Мурда макулдашылган чечимин Сталин алакандай жиберген телеграммасы аркылуу жокко чыгарган. Тоолуу Кыргыз облусун тузүүчүлөргө улутчул деп айып тагылат. Москвасыз өз

алдынча чечим кабыл алынбаган замандын каарын Ж. Абдрахманов, А. Сыдыков баштаган алгачкы элита жакшы эле көрдү. Эркиндиктин баасын алар жан дүйнөлөрү менен сезишти. Азыркы эгемендүүлүк доордун элитасы андай зордукчул саясатты башынан өткөрбөй, эркиндиктин баасын аңдабай жатпайбы. Алар тескерисинче Россия жана кошуна мамлекет башчылардын колдоосун алдык деп кудуңдап жүрүшөт. Ошентип жарым жартылай болсо да өз алдынча мамлекет түптөйбүз деген Жусуп Абдрахмановдордун тилеги аткарылбады. Анткени менен алардын кыргыз мамлекетин түптөйбүз деген күрөшү тарыхта өчпөс болуп жазылып калды. Алардын аракети текке кетпегенин эки жылдан кийин Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түптөлүшү тууралуу тарыхый чечимдин кабыл алынышынан көрүүгө болот.

**Эл тилеги, эркиндик желеги**

Тоолуу Кыргыз облусу түзүлбөй калганы менен келечектен Жусуптун үмүтү үзүлбөдү. Кайрадан кыргыз эли өз алдынча түтүн булатып, кошуна элдин карамагында автономиялык абалда калбоосу үчүн болгон аракетин жумшады. 1923-24-жылдары ал Жети-Суу облусунун, Түркстан республикасынын бир катар жооптуу кызматтарын аркалады. СССРдин, РСФСРдин Борбордук Аткаруу комитетине мүчөлүккө кандидат болду. Түркстан республикасынын БАКынын Президиумуна мүчө жана жооптуу секретары болду. Мындай кызмат орун, шайланган бийик тепкичтер чындыгында 23 жаштагы Жусуп үчүн баш айланткан ийгилик эле, болгондо да башка улуттардын арасында. Бирок анын көздөгөн максатын жогорудагыдай жогорку бийлик устуканы өзгөртө албады. Ал Кыргыз мамлекетин түзүү үчүн күрөшүн токтотподу.

1918-жылы май айынан баштап РСФСРдин, 1922-жылдын 30-декабрынан СССРдин курамына киргизилген Түркстан АССРин өз алдынча улуттук мамлекеттерге бөлүү 1924-жылы РКП(б) БКнын негизги маселелеринин бирине айланган. Бул маселенин эки жагы болгон. Биринчиси, түрк элдеринин саясий биримдигин жок кылуу. Анткени Түркстан чөлкөмүнүн бирдиктүү мамлекетке айланышы Оруссиянын оторчул саясатына тоскоол болуп, келечекте зор коркунучка айланаары кооптондурган. Андыктан РКП(б) үчүн Түркстан калкын майда-майда автономияларга бөлүп башкаруу алда канча ыңгайлуу болгон. (Кара Кыргыз автономиялуу обком партиясынын алгачкы жетекчиси И. Каменскийди кийин Ж. Абдрахманов “партбилеттүү колонизатор” деп баалашы да ушундан улам болгон). Экинчи жагынан, кыргыз эли үчүн мамлекеттүүлүктүн автономиялык деңгээлде болсо да калыбына келтирилиши бытырандылык коркунучундагы Кыргызстан үчүн тарыхый зор мааниге ээ болгон. Бирок ошол автономиялык маккамга жетиштин өзү кыргыздар үчүн оор болгон. 1924-жылы жайында Орто Азиядагы жооптуу кызматкерлердин улут маселесине арналган жыйынында кыргыз тараптан Э. Арабаев чыгып сүйлөп, негизги баяндамада кыргыздар тууралуу таптакыр сөз болбогондугун сынга алган жана кыргыздар өз автономиясын түзүп, анан кайсы федерацияга же республикага кирүү тууралуу өз алдынча чечип алуусу керек деп, баса белгилеген. Бул жыйынга Жусуп Абдрахманов да катышкан. Бирок алар бул жыйында азчылыкты түзүп, кыргыздардын жери Казак (ал учурда Кыргыз аталчу) республикасынын алкагына киргизилээри тууралуу сунуш жактырылган. Кыргыздардын бактысына мындай чечимге РКП(б)нын Орто Азия бюросу 31-августта бөгөт койгон. Мында албетте ал жерде жооптуу секретарь болуп иштеген Жусуптун салымы зор.

1924-жылы 16-сентябрда Түркстан АССР Кеңешинин Борбордук аткаруу комитетинин кезексиз чакырылган сессиясы Орто Азиянын улуттук-мамлекеттик бөлүнүшү тууралуу

токтом кабыл алган. Бир айдан соң, 14-октябрда Москвада Бүткүл союздук аткаруу комитетинин (ББАК) 2-сессиясы Орто Азия элдеринин улуттук-мамлекеттик бөлүнүшү жөнүндө чечим кабыл алган. Бул чечимге ылайык Кара Кыргыз автономиялуу облусу (ККАО) түзүлүп, ал РСФСРдин курамына киргизилген. Бул тарыхый чечим кыргыз элинин кылымдар бою эңсеген эркиндигинин жарым жартылай чечилиши болгон. Бул чечим айрым бир тарыхчы сөрөйлөр, журналисттер жазгандай кокусунан эле кабыл алынган чечим эмес экенин, ага ээ болгучакты кыргыз элитасынын тынымсыз күрөшүнүн жеңиши болгонун тарых тастыктап турат. Андыктан А. Сыдыков, Ж. Абдрахманов, Э. Арабаев жана башка кыргыз элитасынын күрөшүн, аракетин жокко чыгарууну көздөгөн А. Князевге окшогон саясатаанууучу сөрөйлөрдүн кулагына күмүш сырга демекчибиз. Жаңы түзүлгөн ККАОнун большевиктик-партиялык уюштуруу бюросунун жетекчиси болуп М.Д. Каменский, облустун Ревкомунун төрагасы болуп И. Айдарбеков бекитилген. Бул Ревком Советтердин облустук курултайын даярдоо маалындагы жетекчи орган катары иш алып барган. 1924-жылы ноябрда Ж. Абдрахманов Облпартбюронун экинчи секретарлыгына дайындалат. Бирок ал колониялык саясатты уланткысы келген, жергиликтүү шартты жакшы билбеген, борбордон десант катары түшүрүлгөн, баштапкы билими гана бар 1-секретарь менен иштешкиси келген эмес. Кыргыздардын бөлүп жарылуусун, худайкуловчулардын ур-токмок саясатын курал катары колдонгон, жергиликтүү элди теңсинбеген 1-секретарга Жусуптун бетке чапкан курч сындары катуу тийген. Анын өзгөчө кадр саясатындагы өз алдынча чечимдери, демилгени колго ала билген уюштуруучулук жөндөмү кыргыздарды теңсинбеген Каменскийди кыжырланткан. Бул тирешүү албетте ал учурда Жусуптун пайдасына чечилмек эмес.

1925-жылы 27-30-мартта Пишпек шаарында Кара Кыргыз автономиялуу облусунун Кеңешинин алгачкы уюштуруу курултайы өткөрүлгөн. Курултайдын 30-марттагы отурумунда облустун Аткаруу комитетин шайлап, Кыргыз жергесиндеги мамлекеттик бийлик ага өткөрүлүп берилген жана Ревком өз күчүн жоготкон. Курултайда “кара” сөзүн расмий аталыштан алып салуу жана өлкөгө облустук эмес, автономиялуу республикалык макамды берүү тууралуу сунуштар көтөрүлгөн. 1925-жылдын 25-майынан өлкөнүн расмий аталышынан “кара” сөзү алынып салынып, Кыргыз автономия облусу деген аталышка ээ болгон. Ушул курултайда Д. Каменский чыныгы жүзүн көргөзүп, Ж. Абдрахмановду жана анын жакын санаалаштарын эч кандай кызматка көргөздүрбөй, четтетип койду. Партиянын 2-секретарлыгынан бошотту. 1-секретарь тескерисинче Жусуптун катуу каршылашы Р. Худайкуловдун тобун бийликке алып келди. Каменскийге ары билимдүү, ары уюштургуч, калың элдин арасында аброю зор А. Сыдыков, Ж. Абдрахмановдой өз билгенин бербеген, баш ийбеген “чаарбаштарга” караганда чала сабат, айтканды аңдабай дароо аткарчу Худайкулов сыяктуу жетекчилер керек болчу. Демек бул курултайда каралган маселелер, кабыл алынган чечимдер кыргыздар үчүн өтө маанилүү болсо, экинчи жагынан нукура мекенчил кыргыз элитасына катуу сокку урулду. Мамлекеттик кызматта кадимкидей тажрыйба топтоп, калыптанып калган 24 жаштагы Жусуп жумушсуз калды. Өлкө сыртына “сүргүнгө” айдалат.

**Өкмөт башында, өлкө кызыкчылыгында**

Ата Журтуна 1926-жылдын аягында кайткан Жусуп Абдрахманов алгач Кыргыз АССРинин Борбордук аткаруу комитетинин төрагасынын орун басарлыгына дайындалып, 1927-жылдын март айынан тарта республиканын эл Комиссарлар Советинин төрагасы кызматына дайындалат. Н. А. Узюков да Жусуптун сапаттарына калыс баа берип, “кырдаал-

шартты өз алдынча баамдай билүүчү баалуу, маданияттуу кызматкер” деп сыпаттаган. Ал өкмөт башына келгенде 26 жашка толо элек кези болчу. Жусуптун лидерлик касиети, жетекчилик сапаттары өкмөт жетектеп турган учурда ачык көрүнгөн. Күндөлүгүнө жазгандай бул кызматты өз мүдөөсүнүн кызыкчылыгына пайдаланган эмес. Өлкө өтө татаал учурду башынан кечирип жаткан учурда ушундай өтө жоопту жогорку кызматты аркалаган. Ар бир кыймыл аракет, эгин эгүү, пахта өстүрүү, эң зарыл курулуш иштери, келечекке карай аракет Москва, Ташкент тарабынан катуу көзөмөлгө алынып турган көз каранды жашоодо өкмөт башчынын абалын бүгүнкү шарт менен салыштырып кароо таптакыр мүмкүн эмес. Элдин азабына, замандын соккусуна кабылып, ошондо да туура жол таап, өлкөнүн өнүгүүсүнө өмүрүн сайып аракет кылуу бул чоң эрдикти талап кылган. Эски түзүлүштөн жаңы коомго дароо эле өтүп кетүү мүмкүн эместигине 20 жылдан бери күбө болуп келе жатпайбызбы. Өткөн кылымдын 20-30-жылдары Түштүктө “басмачылык” аталган жарандык согуш, жер-жерлердеги уруулук бөлүнүүлөр, кландык тирешүүлөр, таптык жиктелүүлөр, жапырт билимсиздик, кадрдык тартыштык, кыскасы бирдиктүү мамлекеттин түптөлүшүнө ар тараптан тоскоолдуктар жетиштүү эле. Мына ушундай шартта эл башындагы жетекчилердин чыныгы жүзү көрүнүп, элита арасынан нукура лидерлер өсүп чыккан. Жусуп Абдрахманов улуттун лидери катары өзүн татыктуу көргөзө алган. **1927-жылдан 1933-жылга чейин Кыргыз АССРинин өкмөтүн жетектеген Жусуптун бүтүргөн иштерин, ички сырын, кыймыл аракетин, көз карашын чагылдырган күндөлүгүн, сүйлөгөн сөздөрүн, тубаса жөндөмүн, бетке чапмай курч мүнөзүн, жазган каттарын, докладдарын, эмгектерин, акыл тереңдигин, ашкере мекенчилдигин, терең билимин, жөнөкөйлүгүн, көсөмдүгүн, элге жакындыгын талдоого алып, анын чыныгы улуттук лидер экенине ынанасың.**

Жогоруда биз кыргыз элинин өз алдынча мамлекет болуусу үчүн Жусуп Абдрахманов баштаган кыргыз элитасынын айгышкан күрөшү тууралуу, анын жемиши катары ККАО, КАО, КАССРи түзүлгөнүн баяндадык. Бирок булар менен эле маселе толук чечилген эмес. Бул маселени чечүү үчүн Жусуп жалгыз аракет кылган учурлар көп болгон. Ал тууралуу 1931-жылы 15-майда күндөлүгүнө: “ ...**бюро мүчөлөрүн ынандырууга аракет кылам. Андан майнап чыкпаса Ташкент менен, керек болсо Москва менен жалгыз салгылашканга туура келет. Республика үчүн өтө аянычтуу, аянычтуу анткени анын кызыкчылыгы, айныксыз укугу үчүн акыр аягына чейин күрөшкөнгө жөндөмдүү адамдар жок**”, - деп арман кылганынан көп нерсени түшүнүүгө болот. Кыргыз республикасынын кызыкчылыгы Жусуптун ишмердигинин башкы өзөгүн түзгөнүн анын күндөлүгүнөн, жазган каттары менен жасаган аракеттеринен билинет. РСФСРдын курамына кирген Кыргыз АССРи өз алдынча чарба жүргүзүү, жалпы эле экономикага, маданиятка, саясатка байланыштуу маселелерин чечүү укугуна ээ боло албаган. Бул учурда Кыргызстан үч субъектиге баш ийип, зарыл маселелерди чечүүдө көптөгөн кыйынчылыктарга дуушар болгонун жалгыз Жусуп көтөрүп чыкканын, же болбосо Ташкент, Москва менен күрөшкөнгө жөндөмдүү жетекчилердин жоктугун көрөбүз. Мындай татаалдыктарды чечип берүү үчүн ал Сталинге жүйөлүү далилдери келтирүү менен эки жолу атайын кат жазып кайрылган. Мына ошол каттарынын биринде:

“Конституциялык-укуктук көз караштан биз РСФСРдын составдык бөлүгү болуп эсептелебиз. Бул маданий-чарбалык өнүгүшүбүздөгү бардык маселелерди чечүүдө РСФСРдын өкмөтү, анын органдары менен өз ара мамилелелрибизди аныктоого тийиш сыяктанган эле. Бирок Кыргыз АССРи өзүнүн экономикасынын мүнөзү жанан

географиялык абалы боюнча экономикалык бирдиктин – Орто Азиянын ажыралгыс бөлүгү болуп эсептеле тургандыгынын кырдаалы иш жүзүндө үчилтик “баш ийүүнүн”, **бир жагынан** РСФСРдын өкмөтүнө, **экинчи** жагынан Орто Азиянын органдарына ВКП (б) БКнын Орто Азия бюросу, Орто Азия ЭКОСОсу, Орто Азия суу чарбасы, Соода комиссариатынын өкүлү, Союздун почта жана телеграф эл комиссариатынын өкүлү ж.у.с., **үчүнчү** жактан СССРге үчилтик баш ийүүнүн абалында калгандыгыбызга алып келди. Республиканын мындай үчилтик баш ийиши, иштин тажрыйбасы көрсөткөндөй, Кыргызстандын чарбалык-маданий милдеттерин чечүүдө өтө терс түрдө таасир тийгизүүдө, демек, кедергилик кылуучу элемент болуп эсептелет” деп көйгөйлүү маслени ачыкка чыгарган. Башкаруудагы мындай кайталангандыктын терс таасирлери жана республиканын өнүгүшүнө тийгизген кесепеттери тууралуу өтө ынанымдуу далилдерди келтирген. Ушундай курч маселени жетекчиликке жеткиликтүү деңгээлде жеткирүү терең билимди, эң башкысы тайманбастыкты талап кылган. Андай сапаттардын бардыгы Жусупта бар болчу. Бирок Сталин тарабынан бул катка да жооп берилбеген жана көтөрүлгөн маселе ошо бойдон кала берген. Эмне себептен Жусуп ушул маселени улам-улам көтөргөн? – деген суроо туулушу мүмкүн. **Бул маселени көтөрүү менен ал эң башкы маселени - Кыргыз АССРин союздук республикага айландырууну көздөгөн. Катта жазылгандай “маселенин башкы чечилиши, атап айтканда Кыргыз АССРин союздук республикага кайра түзүүдө калган”.** Анткени ошол учурда Тажикстан союздук республика макамын алган. Ал эми Түркмөнстан өнүгүүсү жагынан Кыргызстандан артта турганына карабай мындай макамды 1924-жылы эле алган. Кыргызстан Орто Азиядагы ар кандай органдарга тикелей баш ийбестен федерациялык негизде тең ата катышуусун, башкача айтканда Орто Азиядагы республикалар федерациялык негизде биригишин көтөрүп чыккан. Жусуп тарабынан көтөрүлгөн маанилүү бул маселе бүгүнкү күндө да өтө актуалдуу болуп, эгемендүү макамга ээ болгон мамлекет башчылары тарабынан көтөрүлүп жатышы бекеринен эмес. Мына ушул эки маселени өз учурунда ачык көтөрүп чыгуусунан эле Жусуп Абдрахмановдун келечекти көрө билген көсөмдүгүн, мамлекеттик масштабда ой жүгүртө билген чыныгы лидерлик сапаттарын көрөбүз.

Кыргызстанды союздук республикага айландыруу аракетинде Жусуп каттарды эле жазып тим болбостон, уюштуруучулук жагын да кошо ала жүргөн. 1930-жылы апрель айында Москвада жүргөн учурунда ВКП (б) БКнын Саясый бюросунун адына да бул маселени көтөрүп чыкканы маалым. 21-апрелде ал ВКП (б) Кыргыз обкомунун жетекчилерине өзүнүн Сталинге жазган экинчи катынын көчүрмөсүн жиберип жатып, “Силердин колуңарда болгон материалдар менимче, обкомдун бюросу Кыргызстанды Союздук республикага кайра түзүүнүн зарылдыгы жөнүндө чечим чыгарышы жана бул тууралуу БКнын Орто Азия бюросунун жана ВКП (б) БКнын Саясий бюросунун алдында өтүнүч козгошу үчүн жетиштүү. Делегациябыз съезддин учурунда бул маселени БКнын алдында партиялык уюмдун атынан атынан расмий тартипте койо алгыдай болушу үчүн, эгерде сиздер чечим кабыл алсаңыздар жана XYI съездге чейин ВКП (б) Бкнын Орто Азия бюросунун токтомун алып койсоңуздар, эң каалагандай болоор эле» деп жазат. Мына ушул каттан да Кыргызстанды союздук макамга жеткирүү аракетинин башында ким турганын даана көргөзөт. Жусуптун жигердүү аракетинен анчалык майнап чыкпаганы менен 1930-жылы 27-апрелде СССР Эл Комиссарлар Советинин токтому менен Кыргыз АССРинин өкмөтүнө “ССР Союзунун Эл Комиссарлар Советине менен Эмгек жана коргоо советине түздөн-түз кирүү”укугу берилген. Андан бир ай өтпөй 31-майда Жусуп Абдрахмановдун

отчетунан, анын сунушунан кийин РСФР Эл Комиссарлар Совети “Кыргыз АССРинин чарбалык жана маданий курулушу жана өнүгүшүнүн перспективалары жөнүндө” токтомун кабыл алган. Ушул токтомдун негизинде Кыргызстанга реалдуу жардам берүү жанданган. Булардын бардыгы Жусуп Абдрахмановдун түздөн-түз аракетинин жемиши.

**Жетекчилик, инсандык улуу сапаттары**

Жусуптун жетекчилик сапаттары менен инсандык мыкты касиеттери бири-бири менен жуурулушуп, анын улуулугун көргөзүп турат. Көпчүлүк жетекчилерде ушул сапаттардын бири болсо экинчиси болбой, эл сынына толук татый албай, эстутумдан алгылыктуу орун табалбай тез эле унутулат. Ал эми Жусуп сыяктуу жетекчилер элдин эсинде түбөлүккө сакталып, инсандык мыкты сапаттары тарыхта өрнөк болуп кала берет. Кыргызда бекеринен айтылбаса керек, адамды жакшылап билгиң келсе, ага байлык, бийлик берип сынап көр деп. Эчендеген мыкты эсептелген адамдар бийликке келгенде эсиришип, элин кыйноого алышат. Байлыкка жетсе көбүшүп, эч нерсени көзгө илбей, кудайын тааныбай калышат. Жусуп айрым жетекчилер бийлигинен ажырап калам деп балык болуп унчукпай отурушун, бийликти алар жеке кызыкчылыгы, жашоо шартын жакшыртуу үчүн колдоноoруна чыдай албастыгын күндөлүгүндө эчен ирет кайталап жазган. Ал гана эмес Москвадан жиберилген жетекчилердин көпчүлүгү Кыргызстан үчүн жан күйгүзүп кызмат кылбаганын, алар бул жерге келечек карьерасы үчүн трампилин катары келгенин баса белгилейт(21.10.32). Жусуп жетекчилерди тандап кызматка койордун алдында алардын жеке сапаттарына өтө сын менен карап, калыс чечкен. Ал ээлеген жогорку кызмат ордун эч качан жеке мүдөөсүнө, же туугандарынын кызыкчылыгына пайдаланган эмес. Ушул жерден бир көрүнүштү окурмандарга билдирбей кетсек болбостур. Ага бир күнү бир тууган эжеси жардам сурап келгенин жазат. **“Болгондо да мен эң жакшы көргөн жалгыз эжем, ал да мени өзгөчө жакшы көрөт. Анын жолдошу 3 ай мурда ГПУ тарабынан камакка алыныптыр. Мен жездемдин ким экенин, кылмышкерби же алдамчыбы, байбы, ким экенин билбейм. Эмне айыбы үчүн камалганын да билбейм, эжем өзү да билбейт, балким ак жеринен камалып жаткандыр. Эжем аны эркиндикке чыгарууга менден огожо болобу деген үмүттө жардам сурап келиптир. Бирок мен ага кантип кийлигишем, мен кантип андай жолго барам, эч качан баралбайм да”** - деп жазганын окуп анын ашкере чынчылдыгын көрөбүз ( 23.05.31).

Жусуп элге эч жалган убуда бере абастыгын күндөлүгүнө жазган бир окуя далилдеп турат. “Мага Жалал-Абадда ооруқананы радиолоштуруу боюнча бир дарыгер миң сом бөлдүртүп берүүнү өтүнүп кайрылды, деп жазат күндөлүгүндө. Мындай акча жок деген жообума көнбөй, ал менден убада берүүмдү суранды. Убада берип койсом деле болмок, бирок мен аткарылбас иш үчүн эч качан убада бере алмак эмесмин” дейт ал. Бул майда эле көрүнгөнү менен жетекчилик, инсандык сапатын ачып бере турган көрүнүш. Аны чечмелеп отуруунун зарылдыгы жоктур. Өкмөт башында турган Жусуп элдин жашоо шартын, өлкөдөгү абалды жер кыдырып, эл аралап жакындан билген. Элге жакындыгы менен айырмаланган. Кадимки жомоктордогу, уламыштардагы дубананын кийимин кийип элдин арасына чыккан даанышман падышалардай аскер кийимин, башына аскер шлемин баса кийип, өзүнүн Өкмөт башчысы экенин билдирбей базарларды аралаган, чайканаларда элдин арасында отуруп, алардын пикирин угуп, маанайын билген. **“Капысынан Жалал-Абад базарын кыдырып, бир катар чайканага кирип отурдум. Кара-Сууда да ошондой эле болду. Базарда жана чайканада ар кайсыл темада сүйлөшкөн бир дагы адам мен алардын арасында, алардын өз ара сүйлөшкөнүн угуш үчүн отурганымдан шек**

**санашкан жок. Кызыл армиячылардын чолок тону, шлемду баса кийип отурушум мен үчүн мыкты маскировка болуп берди. Анын үстүнө өзүмдү кызыл аскер-калмакмын, жергиликтүү тилди билбейм деп тааныштырдым. Атайылап бардык жерде орус тилинде сүйлөп жүрдүм. Эгерде алар жанында отуруп сүйлөшүп жаткан кызыл армиячы эмес эле Эл Комиссарлар советинин төрагасы экенин билгенде, мынчалык ачылып сүйлөп бермек эмес. Пахта жөнүндө, кыдыруу, тинтүү жөнүндө сүйлөштүк. Наразычылык өтө жогору. Алардын айткандары басмачылыктын келип чыгуу мүмкүнчүлүгү жогору экендигин дагы бир жолу бышыктайт..."** деп өз көзү менен көргөндөрүн 1931-жылы 13-январда күндөлүгүнө түшүргөн. Алай жергесин кыдырып чыгып, ал жерде да чечилбеген көп маселелер бардыгын жазат. Гүлчөдө иштеп жаткан жергиликтүү жетекчилердин абалына зээни кейийт. "Уктоочу бөлмөсү менен иштеген канцеляриясын ажыратып болбойт, башкача айтканда күндүзү ал жерде иштесе, түнкүсүн ошол эле жерде жатып укташат. Биз адамдардан ишти талап кылганды билебиз, бирок алардын жашоосу үчүн эң жөнөкөй шарт түзүп бере албайбыз" деп жазат ошол эле күндөлүгүнө. Алайда ал Гүлчөнү келечекте кыргыз шаарчасына айландыруу демилгесин көтөрүп чыккан. "Мен мурда Алай тууралуу жакшы билчү эмесмин, Алты сааттык кыдыруудан алты жылдан бери кагаз бетинде гана окуп келген маалыматтан алда канча көптү алууга жетиштим" деп Алайдын кооздугуна суктанган (01.05.31). Кыргызстандын ар бир чөлкөмүн кыдырып чыккан соң, республиканын аймактары, ар биринин өзгөчөлүктөрү тууралуу жетекчилер аз билерин белгилеген. Алардын арасында Кыргызстан тууралуу эң мыкты билерман саналган Өкмөт башчы өзү да начар билээрин баса белгилеп, республиканын башында туруп ал тууралуу жакшы билбегендик өтө уяттуу көрүнүш экенин жазат (8.01.31). Негизи эле Ж. Абдрахманов өзүнө талапты катуу койгон, өзүнүн кемчилдигин сезе билген жетекчи болгон. "Бактысыз менин элим! – деп жазат күндөлүгүнүн дагы бир жеринде. Өзүнүн келечегин мага окшогон бетбакка ишенген байкуш элим. Мен алардын ишеничине татыктуумунбу? Андан көрө жетекчилик кызматымдан кеткеним оңдур. Менден күчтүү, менден татыктуу жана ишеним арткан адамды шайлап алганы оңдур. Жансыздар тирүүлөрдү башкара албайт..." – дейт ал өзү жөнүндө (20.08.28).

Жусуп жетекчи катары өтө кечиримдүү болчу. Ал жеке таарынычтары үчүн кек сактап, аны жазалоого багытталган сталиндик саясатты күндөлүгүндө сындаган учурлары арбын. Бир кезде өзүнүн үстүнөн жалааларды уюштуруп, кызматтан четтеткен Худайкулов, Бабахановго окшогон каршылаштарын да кечире билген. Алар кийин абакта отурган учурда кабар алып, абалын сурап барганы үчүн партиялык жаза алган. Ал түгүл обкомдун партиялык жетекчиси Шубриковдун тыюу салуусуна макул болбой, мындан бир саясий катачылыкты издебегиле, адамгерчиликтен тайыгандан көрө кызматтан кеткеним оң дегенге чейин барган. Өзүнүн устаты, партиядан чыгарылып, Кыргызстандан обочо кармалып келген Абдыкерим Сыдыковду 1932-жылы май айында Кыргызстанга чакырып, ага жогорку кызмат беришинин өзү эле ошол учурда зор эрдикти талап кылган. Ташкенттен аны Кыргызстанга көчүрүп келүү үчүн ЭКСнын төрагасына тиешелүү атайын вагонду жиберген. Бул дагы Жусуптун адамгерчилик бийик сапатын билгизет. Ал эч качан кызматтын кулу болгон эмес. Калыстык болбогон учурларда кызматымдан ажырап калам деп унчукпай отуруп калбаган. Бир жолу бюджетке тиешелүү маселе партиянын жыйынында талкууланып, маселени өкмөттү мажбурлоо жолу менен чечүүнү көздөгөн Шубриков башында турган партиялык жетекчиликке каршы чыгат. Ошондо Шубриков

“биздин арабызда жетекчилик кызматтарда саясий жактан сабатсыз адамдар отурушат” деген курулай дооматына чыдай албай, анда Эл Комиссарлар советин таркатып, Абдрахмановду кызматтан алып, бюджетти түзүүнү обкомдун аппаратына тапшырып, ЭКСга айткан буйруктарды кыңк этпей аткарган акылдуу адамдардан төрага коюп алгыла дегенге чейин барган (16.10.28).. Жусуптун ушул сыяктуу өтө курч сапаттарын айта берсек сөз түгөнбөйт. Тек гана кимде-ким ал тууралуу кененирээк билгиси келсе Ж. Абдрахмановдун күндөлүгүн кунт коюп окуп чыгууну сунуштайбыз.

**Лидердин көздөгөнү өлкө бүтүндүгү**

Жусуптун ишмердигиндеги дагы бир баса белгилөөчү жагдай, анын ар убак эл биримдиги, өлкө бүтүндүгү үчүн күрөшү. Кыргызстанды бирдиктүү мамлекетке айландыруу үчүн катуу аракети жогоруда баяндалды. Анын акыбети кайтып, ККАО, КАО, КАССР түзүлгөндөн кийин анын чыңдалышына, өнүгүшүнө бүт өмүрүн арнады. Республиканын ар кайсыл аймактарындагы бөлүнүүчүлүктү көрүп, “бирдиктүү Кыргызстан али жок” деп арман кыла жазганын окууга болот (30.12.30). Жусуптун бул жазганы бүгүнкү күндө да өтө актуалдуу бойдон калууда. Кыргызстандын бүтүндүгүнө коркунуч туудурган күчтөр бүгүн да жетиштүү. Эл башчылары биримдикти арттырууга, бөлүнүүчүлүккө бөгөт коюуга алсыз, деңгээли жетишсиз болуп жатканы жашыруун эмес. Жусуп айткандай “Биздин жетекчилер денесинин кайсыл бөлүгү менен ойлонушат, билбейбиз”. Анын “советтик башкаруу толук бир сөөмгө төмөндөдү, алар башчысы жана багыты жок сүзүп жүрүшөт. Чын эле биз бетпактык, кошоматчылыктын доораны жүргөн ушундай жашоого келип жеттикпи” (4.12.30) деген сөзү азыркы учурга толук дал келип жатпайбы. Ал эми “Биздин учурубузда адамдар күздөгү аба ырайынан бетер өтө кубулма” деген сөзүн чечмелебей эле койолу. Демек, эл жана эл башчылары туура жолго түшкүчө өлкө бүтүндүгү туңгуюкка кептелээри 20-30-жылдарда көрүндү, азыркы чалкеш заманда да көрүнүүдө, келечекте да боло бериши толук ыктымал. Аны болтурбоо үчүн Жусуптай улут лидерлеринин аракеттеринен өрнөк алсак. Бирок, өз учурунда туңгуюктан чыгуу үчүн күрөштө Жусуп жалгыз ийгиликке жете алган эмес.

Түндүк-Түштүк бөлүнүүчүлүк оорусу ошол учурда да өкүм сүрүп турган. Ушул илдеттен жетекчилерди арылтуу үчүн Жусуп өлкөнү жакшылап үйрөнүү, проблемаларын жакындан билүү, мекенди сүйүү керектигин кайталагандан тажачу эмес. Кыргызстандын тагдырына кайдигер караган жетекчилерди душманындай көрчү. “Түштүк – Кыргызстандын ажырагыс бөлүгү, ошол эле учурда өз алдынча чарбалык бирдик. Мына ушул жерде Кыргызстандын башка аймактарынан Түштүктүн обочолонуп калуу коркунучу бар. Мына ушуларды эске алып мен көпкө чейин бирдиктүү Түштүк округу кылып түзүүгө каршы болуп келгемин. Бирок экономиканын закону менин каалоомдон жогору тураарын билгенден кийин андай көз карашыман баш тарууга туура келди” деп жазат, Түштүк маселесине өзгөчө көңүл буруу менен (29.10.30). Ж. Абдрахманов ойлогондой эле экономикалык кызыкчылыктан улам Түштүк эгемендүүлүк доорго чейин бирдиктүү округ, кийин облус болуп келсе, көз карандысыз жылдары саясий кызыкчылыктан улам 3 облуска ажыратылганы жалганбы. Жусуп Түштүккө өзгөчө көңүл буруу зарылдыгын келечекти көрө билген саясатчы катары мыкты түшүнгөн. “Түштүктү Фрунзеге караганда Ташкент көбүрөөк башкарат. Облустук партия жетекчилигинин ошондой эле өкмөттүн көргөзмөлөрүн түштүк райондору Ташкенттикинен 5-7 күн кеч алат. Кээде Ташкенттин көргөзмөлөрү сөзмө-сөз кайталанып Фрунзеден келет. Райондогулар бекер эле акча коротуп

кайталап жиберүүнүн зарылдыгы барбы деп сурашат. Албетте алардын айткандары туура" деп жазат күндөлүгүнө, Ошто жүргөн кезинде (2.05.31). Жусуп мына ушундай кырдаалдан чыгуунун жолун Кыргызстан эртерээк союздук республикага айланып, Ташкент менен тең ата, федерация макамында мамиле орнотуудан көрөт. Анткени ошол учурда эле чек ара маселесиндеги чалкештик, Нарын дарыясына курулуучу ГЭСтерге Ташкенттин кийлигишүүсү сезилээрлик деңгээлде өкүм сүрүп турган. Ал тууралуу күндөлүгүнө "Нарын дарыясы кыргыз маселесинен өзбек маселесине айланып бара жатат" деп жазганы бар (17.04.31). Жусуптун мындан туура 80 жыл алдын жазгандары азыркы эгемендүүлүк мезгилде да негизги маселе боюнча калып жатканы кызык. Экинчи жагынан бул маселени чечилишин Түштүк менен жакындан иштеп, республикалык бийликтин таасирин арттыруудан көргөн. 1928-жылы Сүлүктүдө цемент заводун куруу учурунда да Өзбекстан менен маселе келип чыккан. Коңшулар завод курулуп жаткан жер бизге карайт деген дооматын коюшкан. Бирок текшере келгенде андай эмес болуп чыккан. Бул кабарды уккан Өкмөт башчысы "Өзүң өкмөттү башкарып туруп чек араң кайсыл жерден экенин билбегендик – бул акылсыздык" (23.10.28), - деп өзүн күнөөлөгөн. Андан бир жыл алдын Орто Азиялык билермандар Сүлүктүдөгү көмүр казылып алынчу шахтаны, анда эмгектенген шахтерлору менен кошо Өзбекстандын карамагына өткөрүп беришкенине наараzы болуп ВКП (б) БКга кат менен кайрылып отуруп, кайрып алганы бар Жусуптун. Кыргызстандын аймактык биримдигин арттыруу үчүн карым-катнашты күчөтүү зарылдыгын, ал үчүн жолдордун курулушун тездетүү керек деп, аны ишке ашыруу үчүн жан үрөп аракеттенген. Элдин биримдиги, өлкө бүтүндүгү, мамлекеттин көз карандысыздыгы үчүн Жусуптун күрөшү өлкө башында отургандар үчүн ар дайым өрнөк болуучу улуу сабак.

**УДК: 947, 083 (575. 25) (043.3)**

**АВАЗОВ ЭРНИС АБДЫМАНАПОВИЧ**

*Тарых илимдеринин кандидаты, доцент*
*Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, Педагогика жана маалымат технологиялары факультети,*
*Тарых кафедрасы*
*Жалал-Абад шаары, Кыргыз Республикасы*
*Телефон: 996 0553 27 53 73,*
*Электрондук почта: ernis-ist@mail.ru*

# ЖУСУП АБДРАХМАНОВ ЖАНА АНЫН ЗАМАНДАШТАРЫ

# ЖУСУП АБДРАХМАНОВ И ЕГО СОВРЕМЕННИКИ

# JUSUP ABDRAKHMANOV AND HIS CONTEMPORARIES

**Аннотация:** Макалада Кыргызстанда советтик улуттук мамлекеттүүлүктү түптөөгө салым кошкон алгачкы кыргыз саясий элитасынын жана интеллигенциясынын өмүр ишмердүүлүктөрүнүн айрым жактары изилдөөгө алынды. Алардын арасында Ж.Абдрахманов, А.Орозбеков, Э.Арабаев, К.Тыныстанов, Б.Данияровдун ишмердүүлүктөрүнө сереп салынды. Жыйынтыгында алардын мамлекеттик курулуштун баардык чөйрөлөрүнө салым кошкондуктары көрсөтүлдү жана тагдырларындагы айрым белгисиз жагдайларды ачып берүүгө аракеттер жасалды.

*Ачкыч сөздөр:* Ж.Абдрахманов, замандаштар, мамлекеттүүлүк, ишмерлер, интеллигенция

**Аннотация:** В статье исследуются некоторые аспекты жизнидеятельности первой кыргызской политической элиты и интеллигенции в Кыргызстане, которые внесли вклад в становлении советского национального государства. Среди них сделаны обзоры деятельности Ж.Абдрахманова, А.Орозбекова, Э.Арабаева, К. Тыныстанова, Б. Даниярова. В результате было показано их вклады во всех сферах государственного строительства, и были предприняты попытки раскрыть некоторые неизвестные стороны их судеб.

*Ключевые слова:* Ж. Абдрахманов, современники, государственность, деятели, интеллигенция.

**Annotation**:The article examines some aspects of the life of the first Kyrgyz political elite and intelligentsia in Kyrgyzstan, who contributed to the formation of the Soviet national state. Among them are reviews of the activities of Zh.Abdrakhmanov, A. Orozbekov, E. Arabaev, K. Tynystanov, B. Daniyarov. As a result, their contributions to all aspects of state-building were shown, and attempts were made to reveal some aspects of their fate.

*Keywords:* J.Abdrakhmanov, contemporaries, statehood, figures, intellectuals.

Мамлекетттүүлүктүн советтик моделин орнотуунун шарттарында улуттук мамлекеттерди түптөө Түркстандагы ар кайсы административдик аймактарга караган калкттары үчүн аябай оорго турган. Анын ичинде кыргыз жергесинде социализмдин маңызын түшүнгөн, мамлекеттик кызматтарда мурда кийин иштеген тажрыйбасы бар, илим билимдүү кадрлар аба менен суудай зарыл болгон.Аталган жагдай улуттук мамлекеттүүлүккө кадам таштаган түркстандык калкттардын арасында бирдей эмес эле. Бул жагдайды биринчи кезекте падышачылык доордогу билим берүү системасынын жыйынтыктары менен байланышта кроо керек. Анткени орус-тузем мектептеринин бүтүрүүчүлөрү жаңыдан түзүлө баштаган кыргыз советтик улуттук мамлекеттүүлүктүн башатында турушкан жана улуттук интеллигенцинын алгачкы тобун түзгөндүгү маалым. Алардын катарында баштапкы билимдерди жергиликтүү мусулмандык билим берүү мекемелеринен алып, сабаттуулугун жойгон инсандар да болушкан. XIX к. аягы XX к. башында Түркстан крайындагы билим берүү майданында орусиялык, салттык мусулмандык жана жаңы усулдук мектептердин арасында курч атаандаштык жүргөндүгүн байкоого болот. Падыша өкмөтүнүн колониялык саясатындагы орусташтыруу прицибинин билим берүү саясатында чагылышына жооп катары салттык мусулмандык жана жаңы усул мектептери ургалдуу өнүгө баштаган. Мындай шартта крайлык бийлик ээлери жана агартуучулары жаңы усул мектептерин колдоого алынусунан аябай чочулашып, ага караганда салттык мусулмандык билим берүүнүн эл арасында таралышын оң көрүшкөн[1, 141]. Анткени мусулмандык кадимки мектептерге караганда жадиддик мектептер бир топ прогрессивдүү болгон жана калк ичинде колдоого алынган. Тилеке каршы орус-туземдик же болбосо жадиддик мектептер шаар жерлеринде жайгашкандыктан тоолуу аймактардын көчмөн калктарына, анын ичинде кыргыздардын калың катмарына жеткиликтүү эмес болгон. Ага карабастан айрым кыргыз агартуучулары анын таасиринде болушкандыгы маалым. Ушундай атаандаштыктын шарттарында жүргүзүлгөн падышачылыктын билим берүү саясатынын жыйынтыктары советтик улуттук мамлекеттүүлүктү куруунун алгачкы жылдарында өз жемишин берген. Башталгыч мектептин бүтүрүшкөн жергиликтүү айрым тургундар Казань, Уфа жана башка шаарларда жогорку билим алышкан. Тилекке каршы алардын саны башка элдерге караганда кыргыз калкында өтө аз болгон. Мындан улам кыргыз саясий ишмелеринин басымдуу көпчүлүгү кат сабатын айылдык молдолордон, кээ бирлери орус-тузем мектептеринен жоюшкан инсандар болушкан. Ага карабастан алар ошол доордун эң билимдүү адамдары эле. Андыктан бул изилдөөбүздө улуттук мамлекеттүүлүккө умтулууга, анын түптөлүшүнө, кыргыз элинин өз алдынча мамлекетүүлүгүнүн пайдубалын бекемдөөгө өзгөчө салымын кошкон чыгаан инсандарыбыздын кайдан окуп, кандай билим алгандыктары жана ишмердүүлүктөрүнүн айрым жагдайларына токтолууну туура көрдүк. Алгачкы кыргыз саясий ишмерлеринин катарында Кыргыз АССРинин Эл Комиссарлар Советинини биринчи төргасы Ж.Абдрахманов турган. Ал 1912-15-жылдарда Сазановка кыштагында орус-тузем мектебин окуп бүтүрүп, Каракол шаардык жогорку-башталгыч окуу жайында билим алып жаткан учурда учурда 1916-жылга көтөрүлүш башталып кеткендиктен, эл менен биргеликте Кытайга качууга аргасыз болгон. Ал жактан кайтып келгенден кийин 1919-жылы Верныйдагы командирлик курстан, андан кийин Ташкенттеги аскердик жогорку

мектептен окугандыгы тууралуу маалыматтар бар. Атайын мамлекеттик башкаруу жаатында билимге ээ болбосо да дээринде бар.Ж.Абдрахманов 26 ашында кыргыз өкмөтүнүн башына келген. Жаңыдан түптөлүп жаткан кыргыз мамлекетинин гана эмес жалпы союздун тарыхында бул учурлар эң татаал жана оор мезгилдер болгон. Бул жоопту жогорку мамлекеттик кызматта турган мезгилинде Жусуп Абдрахманов кыргыз элинин улуттук мамлекеттүүлүгүнүн калыптанышына жана бекемделишине, эл чарбасынын жана маданиятынын өнүгүшүнө зор салым кошуу менен кадр жана тил саясатына да абдан көп көңүл бурган. Мамлекеттин турмушундагы маанилүү маселелерди «Күндөлүгүндө» бир нече ирет белгилеген. Тагдырдын жазмышы Жусуп Абдрхманов Ташкентте, Верныйда, Орусиянын Самара, Оренбург шаарларында иштеген. Жусуп Абдрахманов сабаттуу инсан катары мамлекеттик башкаруучулук сапаттары менен бирге чыгармачылыкка жөндөмдүү инсан болгон. Ал мамлекеттик жана саясий ишмер болуу менен бирге тарых илимине да белгилүү салым кошуп кеткендигин белгилей кетүү абзел. 1926-жылы Кыргыз Автономиялык республикасынын жетекчилигинин кыргыздардын көтөрүлүшүнүн 10 жылдыгын белгилөө боюнча токтому чыккан. Аны ишке ашыруунун алкагында ошол кездеги Эл комиссарлар кеңешинин төрагасы Жусуп Абдрахманов 1916-жылдагы көтөрүлүш орус падышачылыгынын баскынчылык саясатына каршы, социалдык-экономикалык теңсиздиктен улам келип чыккандыгы боюнча баяндама жасаган. Оторчул доордун оош кыйыштуу учурларын жазууда Ж.Абдрахманов бир топ изилдөөлөр жана маалыматтар менен тааныш болгондугун көрүүгө болот. Зарыл маалыматтарды ыраатуу колдонуп, негиздүү чечмелей алуусу анын бир гана мамлекеттик ишмер эмес дасыккан изилдөөчү экендигинен да кабар берип турат. Соңку мезгилдеги изилдөөлөрүнүн биринде профессор Д. Сапаралиев өз макаласында айрым изилдөөлөрдө айтыла келген Ж.Абдрахмановдун дипломаттык ишмердүүлүгү боюнча маалыматтарды ачыктап, аталган инсандын жаңыдан калыптанып келе жаткан советтик дипломатиялык кызматтын алгачкы арымдарына да өз салымын кошкондугуна токтолгон. Аталган макалада автор Ж.Абдрахмановдун элчилик сапарда болгондугун “Персияга (Иран) Хоросан (Мешхед) шаарында жайгашкан россиялык башкы консулдугу аркылуу Түркстан-Иран элчилик иштерди тескеш үчүн 1925-жылдын 30 - майынан 1 - августка чейин Мешхед шаарына, Бажгир жолу менен барып, кайра Ташкентке, Гаудри бекетинен өтүп келгендиги жөнүндө, анын чет мамлекеттерге баруучу паспортундагы белгилер кабарлайт”,[2]- деп тастыктаган. Ушундай мыкты сапаттарга жана жөндөмдөргө ээ Ж.Абдрахманов репрессиянын жазыксыз курмандыгына айланган. Бул учурда ал болгону 37 жашта болгон.

Анын белгилүү замандаштарынын арасында кыргыз мамлекетин түптөөчүлөрүнүн бири Абдыкадыр Орозбеков болгондугу маалым. Ал саясий аренага 1925-ж. 27-мартынан 30-мартка чейин өткөрүлгөн Биринчи Бүткүл кыргыз уюштуруу курултайында чыккандыгы белгилүү. Ушул жыйында А. Орозбеков автономиялык республиканын Борбордук Аткаруу комитетинин жана анын Президиумунун төрагалыгына шайланган. Анын бийликке келишине бир тарабында А.Сыдыков, И.Арабаев, Ж.Абдрахмановдор турган, экинчи тарабында Р. Худайкулов, Д.Бабаханов, Ж.Саадаевдер болушкан топтордун кайрадан бийлик үчүн күрөшү өбөлгө түзгөндүгү менен анын билими жана жердиги да роль ойнгондугун тануугa болбойт. Анткени ошол учурдагы саясий элитанын арасында сабаттуулугун өз алдынча жойгон бир гана А.Орозбеков болгон. Мындан кабары бар ошол мезгилдеги облустук партиялык комитеттин катчысы М. Каменский (Эйдис) «билимсиз адамды башкаруу оңой болот»,[3, 196] - деген ой менен Орозбековду тандагандыгы маалым.

Анын сабаттуулугу боюнча жагдайы “Отузчулардын каты” боюнча териштирүү ишинде да “Кыргызча сабаты аз, орусча таптакыр сабатсыз», -деп белгиленген. Анын сабаттуулугу тууралуу маселеге анын саясаттагы үзөнгүлөшү Ж.Абдрахманов да кайрылып: «…Орозбеков облаткомдун төрагасы, төмөнкүлөрдөн чыккан чала сабаттуу адам, болуштуктан сунушталган.Партиялык жактан даярдыгы жок, аны өзү деле танбайт. Негизинен областтык даражадагы кеңештик жетекчилик кызматка даярдыгы жок», [4, 198-199]- деп ырастаган. Андан ары ал: “Ошондуктан Кара-кыргызобкомун борбордон келген, азыркыга караганда аң сезими кенен бир катар адистер менен бекемдөө керек,” [4, 200]- деп оюн улаган. Абдыкадыр Орозбеков Ж.Абдрахманов белгилегендей өз колу менен толтурулган кадрларды учетко алуу баракчасында билими тууралуу маалыматта өз сабатын өзү жойгондугун “самоучка” (өзү үйрөнгөн- А.Э.) деп белгилеп, Өзбекстандын Ташкент шаарындагы КП БКнын Орто-Азия бюросунун алдындагы советтик-партиялык курулуш боюнча 3 айлык курсту 1927-жылы аяктагандыгын көрсөткөн. Өзү мамлекеттин биринчи адамы болуп турса да ал өзүнүн билим тууралуу маалыматты жашырбаган жана айтылган сындарды туура кабыл алган. Мындан улам ал кыргыз жаштарынын билим алуусу үчүн болгон күч аракеттерин жумшап, түштүк аймактарындагы педагогикалык кадрларды даярдоочу техникумдардын иш алып баруусуна көңүл бурган. Анткени калк арасындагы сабаттуулукту жоюу үчүн биринчи кезекте мугалимдерди даярдоо зарыл болгон. Мындан улам совет бийлигинин алгачкы жылдарында мугалимдерди даярдоо Орто Азияда, анын ичинде Кыргызстанда кыска мөөнөттөгу курстарда колго алына баштаган. Башаты педагогикалык курстардан башталып бир жылдык мөөнөттөгү педагогикалык техникумга айланган Оштогу алгачкы окуу жай 1926- жылы областык билим берүү бөлүмүнүн чечими менен 3 жылдык мөөнөттөгү педагогикалык техникумга айланган. Бюджеттин тартыштыгынан 1926-жылдын январына чейин вакуф тарабынан каржыланып турган. 1-январдан тартып Ош- Жалал- Абад педагогикалык техникуму болуп атала баштаган. Жалал-Абад жана Ош кантондорунун биригүүсү менен Ош педагогикалык техникуму 1926-1927-окуу жылынын аягында Жалал-Абад шаарына көчүрүлгөн. Окуу жай айыл кыштактар үчүн мугалимдерди гана даярдабастан алгачкы кыргыз интеklигенттерин даярдаган десек болот. Бүтүрүүчүлөрдүн көбү советтик-партиялык жана комсомолдук кызматтарга тартылышкан. Белгилей кетүүчү кызыктуу факт аталган техникумдун 4-бүтүрүүчүлөрүнүн катарында белгилүү советтик-партиялык ишмер, КАССРдын БАКнын төрагасы Абдыкадыр Орозбековдун ардактуу студент катары сүрөтү орун алгандыгы. Албетте аталган инсандын өмүр таржымалында анын аталган окуу жайдан билим алгандыгы тууралуу маалыматтар учурбайт. Болгону, ошол убактагы саналуу окуу жайлардын алдынкысы катары ага окуу жайдын жетекчилиги ушундай ардактуу наам ыйгарган болуусу керек.

Алгачкы кыргыз саясий элитасынын жана интелигенциясынын арасында ошол доордогу билимдүү инсандардын бири Эшенаалы Арабаев болгондугу маалым. Кыргыз агартуучуларынын ичинен жадиддик көз караштагы агартуучууларынын өкүлү катары саналат. Белгилүү тарыхчы Т.Абдрахманов “Кыргыз жергесинде Эшенаалы Арабаев —жадиддик билим берүүнү жана жадидизм идеяларын кыргыз жергесинде тараткандардын алгачкыларынын бири болгон?,” [5,10] – деп белгилеген. Башкалардан айырмаланып ал диний жогорку билим алган. Агартуучунун өмүр баяны тууралуу маалыматтарда анын 1900-жылы жергиликтүү мектепти аяктаган соң он жылга жакын кыргыз айыл-кыштактарында мугалим болуп эмгектенгендиги,.1910-жылы Орусиянын Оренбург

шаарындагы "Кусания" медресесинде окугандыгы, андан  соң Уфа шаарындагы "Галия" медресесинде эки жыл билим алгандыгы айтылат. Анын диний  жогорку билимге ээ болуусу кийинки тагдырына да таасир эткен. Жогору да белгиленген “Отузчулардык каты” боюнча териштирүү ишинде  ага “мурдагы молдо ар дайым батрактардын өкүлдөрүнө каршы  турган топтор менен ырааттуу иш алып барат, ар дайым бай-манаптык элементтер менен байланышта, партрепрессияга  кабылган,” –деп мүнөздөмө берилген. Белгилей кетсек аталган катка  анын Илимий коммиссиянын башчысы катарында он экинчи болуп кол койгондугу маалым.

Баштапкы  билимди мусулмандык мектептен алган агартуучулардын бири  Касым Тыныстанов болгон. Ал диний мектепте үч жыл арабча тамга тааныган соң окуусун Сазановка айылындагы башталгыч мектепте, Каракол шаарындагы жергиликтүү орус мектебинде уланткан. Жусуп сыяктуу эле ал да 1916-жылы эл менен кошо ата-энеси менен Кытайга качып барып, кайра келген.  Кыргыз жергесине келгенден кийин болочоктогу профессор К. Тыныстанов Ташкенттеги Агартуу институтунун даярдоо бөлүмүндө окууга кабыл алынган. Аталган окуу жай  1920-жылдан баштап улуттук илимий интеллигенциянын калыптанышында чоң роль ойногон. Иш жүзүндө анда окугандар  гуманитардык илимдердин келечектеги  белгилүү өкүлдөрү эле.. Мындан улам кыргыз интеллигенциясынын алгачкы өкүлдөрү тилчи, адабиятчы жана тарыхчылар болушкандыгын, ага салыштырмалуу техникалык багыттагы интеллигенция кийинчерээк калыптангандыгын белгилөөгө болот. 1924-жылдан тартып  Түркстан Республикасынын Эл агартуу комиссариатынын алдында тарых, этнография, адабият, басмакана иштери жана илимий-изилдөө иштерин координациялоочу Кара-Кыргыз илимий-усулдук комиссиясынын ишмердүүлүгүн баштоосу  алардын ишмердүүлүгү болгон. Кийин  аталган уюм  Илимий комиссия, андан соң  Академиялык борбор болуп аталган. Анын  башынада уюштуруучу жана  жетекчи катарында  Э.Арабаев, К.Тыныстанов, К.Юдахин, Б.Данияров сыяктуу билимдүү инсандар турган.  Касым Тыныстанов чакыруусу менен кыргыз жергесине  белгилүү чыгыш таануучу  В.В.Бартольд, тилчи-окумуштуу, профессор Е.Д.Поливанов, чыгаан  этнограф С.М.Абрамзон, мурас жыйноочу, А.В.Затаевичтер келишип, изилдөө иштерин жүргүзүшкөн. Мындай аракети менен К.Тыныстанов В.В.Бартольддун “Кыргыздар” тарыхый очеркинин жаралышына себепчи болгондугун белгилөөгө болот. Учурда аталган эмгек “Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер”[6] деген аталышта жарык көргөн. Илимий комиссияда иштеген үзөнгүлөш үч инсандын бириу кыргыз элинин алгачкы педагогдорунун бири Базаркул Данияров толуктаган.  Ал өз кезегинде Кыргызстандын түштүгүндөгү педагогикалык курстардын уюштуруучуларынын бири болгон. Кийнчерээк педтехникумда кыргыз жаштарына билим берген, андан соң Кыргыз Агартуу институнун директору болуп иштеген. Б.Данияров он жети жашында Чоң-Кеминдеги Шабдандын медресесинде окуп, андан соң Токмоктогу орус-татар мектебинен билим алган. 1918-жылы  Алма-Атадагы мугалимдер курсунда окуусун аяктап,  Ташкенттеги Кыргыз-Казак Агартуу институтунда билимин уланткан. 1923-жылы элдик мугалим наамы менен аяктаган. Аталган наам “кызыл мугалим” наамына тете болгон[7, 14].  Бул тууралуу ал өзүнүн жазган өмүр- баянында “1919-жылы октябрда мен Ташкентке келдим, Казак-Кыргыз институттуна тапшырдым. 1923-жылдын-декабрында окууну аяктап, кызыл мугалим наамын алдым. Окууну бүтөөрүм менен жаныбыздагы “Тажрыйба” мектебинде мугалим болуп иштеп баштадым,”[7, 15]- деп жазган. Андан соң өз ишмердүүлүгүн 1923-жылы педагогикалык курстарда мугалим катары

улантып, бул багытта уюштуручулук-падагогикалык ишмердүүлүк менен алектенген. 1924-1925-жылдары Жалал-Абад жана Ош шаарларында мугалимдерди жана айыл чарба кызматкерлерин даярдоо курстарын уюштурган. Ошондой эле ал Кыргызстандагы биринчи илим изилдөөчүлүк мекеме  Кара-кыргыз Илимий комиссиясында окумуштуу катчылыкты да аркалаган. Ал бул кызматка белгилүү окумуштуу П.К. Юдахиндин ордуна келген. Бул жерде ал жерде Э.Арабаев К.Тыныстановдор менен иштешип, аталган агартуучулар менен биргеликте Сагымбайдын варианты боюнча «Манас” эпосун жазууну ишке ашырышкан. Ошондой эле Молдо Кылычтын тамсилдерине, Касым Тыныстановдун ырлар жыйнагына баш сөз жазган. Касым Тыныстановдун аталган жыйнагынын көлөмү 3 басма табакты түзүп, 10 000 нускада Москвадагы СССР басмаканасынан араб графикасында  чыгарылган. Б.Данияров 1926-жылы Бакуда өткөн түркологиялык конференциянын катышуучусу жана латын графикасын кийрүүнүн жактоочусу болгон.  1932-жылы Ташкентте кызыл профессорлорду даярдоо институтунда угуучу, 1933-1935-жылдар аралыгында Агартуу эл комиссариятында кызматкер  жана убактылуу наркомдун милдетин аткарган. 1935-1936-жылдардагы  “тазалоо”  учурунда Ош пахтачылык техникумуна жөнөтүлгөн. 1937-жылы Социал-туран партиясынын мүчөсү деген жалган жалаа менен сот жообуна тартылып, он жылга камалган. Абактын азап тозогуна кабылган Б.Данияров 1942-жылы ССРдин ИИМнын Свердлов областындагы  колониясынын Ивдель “Н”  лагеринде каза болгон. Ошентип алагчкы кыргыз мугалиминин тагдыры  анын замандаштары К.Тыныстанов, Э.Арабаевден бир аз айырмаланганы менен репрессиянын капшабына кабылып,  кайгылуу аяктаган.  Тоталитардык режимдин катаал шарттарында керт баштарын канжыгагага байлашып, кара жанын карч уруп иштеген бул инсандар  калабалуу сталиндик репрессия учурунда  отуздан ооп, кырктын кырына араң келген курактарында  жазыксыз курмандыктарына айланышкан. Алардын тагдырында, өмүр жолдорунда жана ишмердүүлүктөрүндө окшоштуктар орун алгандыгын байкоого болот. Биринчиден, алар мамлекетти башкаруу жаатында атайын билим алышпаган болсо да дээринде зээндүү, ар тараптуу жөндөмдөргө ээ кыргыз элинин чыгаан уулдарынан болушкан. Алардын аракети менен түптөлгөн элбиздин советтик үлгүдөгү мамлекеттүүлүгү мындан отуз жыл мурда жыл мурда ээ болгон күнкорсуздуктун алгачкы кадамы болгон десек жаңылышпайбыз. Экинчиден, кыргыз  улуттук советтик мамлекетинин түптөөчүлөрүн негизинен өз кезегинин агартуучулары, кыргыз интеллигенциясынын алгачкы  карлыгычтары катарында баалоого болот. Алар мамлекеттик курулуштун баардык чөйрөлөрүнө өз салымдарын кошууга  тартылышкан,  тактап айтканда кайсы бир чөйрөгө гана адистешпестен универсал кадрлар болгондугун тарых күбөлөндүрүп турат. Анткени, шарт, кырдаал  алардан ошондой болууну талап кылган. Үчүнчүдөн алар совет мамлекетинин идеологиясына чындап берилишкен жана аны бекемдөөгө салым кошушкан. Мындан улам уул кыздарынын ысымдарын да ошол  доордогу жаңылануууларга шайкеш Ленина, Өзгөрүш, Бирлик, Теңдик,Эркин, Эркингүл, Рева, Люция ж.б. деп коюшкан. Төртүнчүдөн, аталган инсандардын белгисиз бейнелерин ачууда, эң ириде алардын партиялуулугун калыбына келтирип, реаблитациялоодо Ленина Абдрахманова, Лариса Исакеева, Рафа Айдарбекова, Кутпа Орузбаева сыяктуу урпактары салым кошкондуктарын  айтпай кетүүгө болбойт.

**Адабияттар :**

Авазов Э.А. XIX к. аягы XX к. башындагы Орусия империясынын Түркстандагы билим берүү саясатындагы атаандаштык жана анын жыйынтыктары (Фергана өрөөнүнүн мисалында) [Текст]/Э.А. Авазов— ОшМУ Жарчысы.- 2021.- №3. 141-б.

1. Дөөлөтбек Бекиш уулу Сапаралиев. Иранга советтик элчи болуп барган Жусуп Абдрахманов[Текст]/Д.Б.Сапаралиев. — кирүү режими: https://www.bbc.com/kyrgyz/entertainment-43252915.
2. Курманов З. К. Политическая борьба в Кыргызстане: 20-е годы [Текст]/ З.К. Курманов. — Бишкек: Илим, 1997. — 290 с
3. Абдрахманов Ю. 1916. Дневники. Письма к Сталину. [Текст] / Ю.Абдрахманов . — Фрунзе, 1991. С.198 –199-200.
4. Абдырахманов, Т.А. Эки доор инсаны Эшенаалы Арабаев [Текст] /Т.А.Абдырахманов, Э.А.Кубатова, Ж.Р.Байдилдеев. – Б.: Maxprint, 2013. – 244 б.
5. Бартольд В.В. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. [Текст] / В.В. Бартольд .— Бишкек: «Айбек» фирмасы, 1997. — 456 б.
6. К.Б. Даниярова. Базаркул Данияров первый педагог (жизнь замечательных людей) [Текст] /К.Б. Даниярова. —«Учкун»- Бишкек.- 2007.-С.14-15.

**УДК 37.018.11**

**КАЛИЕВ АЗАМАТ САЙИТОВИЧ,**
**саяс.и.к.,**
**e-mail: azakaliev38@mail.ru**
**Илимий-изилдөө медициналык-социалдык**
**институту (ИИМСИ) Жалал-Абад шаары**

## ЖУСУП АБДРАХМАНОВ – КЫРГЫЗСТАНДЫН МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА САЯСИЙ ИШМЕРИ

## ПОЛИТИЧЕСКАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ ЖУСУП АБДРАХМАНОВА В СТАНОВЛЕНИИ КЫРГЫЗСКОГО ГОСУДАРСТВА

## POLITICAL ACTIVITY OF ZHUSUP ABDRAHMANOV IN THE FORMATION OF THE KYRGYZ STATE

**Аннотация:** Илимий макалада Жусуп Абдрахмановдун Кыргыз мамлекетинин тарыхый калыптануусундагы ролу саясий өңүттө анализденди. Мамлекеттик саясат, башкаруунун азыркы мезгилдеги саясий абалы саясий процесстер, кыргыз коому пайда болгондон баштап муундан-муунга айтылып келет. Улуу Октябрь социалисттик революциясынын жеңишинин натыйжасында жеткиликтүү шарт түзүлгөн. Кыргыздар эңсеп келген эгемендүү мамлекетин түзүүгө жетишкен. Мамлекеттүүлүк үчүн керт башын сайган инсан алардын басып өткөн эмгегинен сабак алуу, изилдөө мамлекеттик жана саясий ишмер Жусуп Абдрахмановдун ролу саясий талдоого алынды.

**Түйүндүү сөздөр**: Кыргыз Республикасы, мамлекеттүүлүк, эгемендик, саясий процесстер, кыргыз коому, революция, мамлекеттик саясат, мамлекеттик башкаруу, саясий ишмер.

**Аннотация:** В научной статье анализирован роль Жусупа Абдрахманова в историко-политическом становлении кыргызского государства. Государственная политика, современное состояние управления политические процессы передаются из поколения в поколение с момента становления кыргызского общества. В результате победы Великой Октябрьской социалистической революции были созданы благоприятные условия для кыргызов удалось создать суверенное государство. Политически анализирована роль государственного и политического деятеля Жусупа Абдрахманова.

**Ключевые слова:** Кыргызская Республика, государственность, суверенитет, политические процессы, кыргызское общество, революция, государственная политика, государственное управление, политический деятель.

**Annotation:** The scientific article analyzed the role of Zhusup Abdrakhmanov in the historical formation of the Kyrgyz state from a political point of view. State policy, the current state of governance and political processes have been passed down from generation to generation since the formation of Kyrgyz society. As a result of the victory of the Great October Socialist Revolution, favorable conditions were created. The Kyrgyz managed to create the sovereign state they dreamed of. Political analysis of the role of the statesman and politician Zhusup Abdrakhmanov.

**Key words**: Kyrgyz Republic, statehood, sovereignty, political processes, Kyrgyz society, revolution, public policy, public administration, politician.

Тарых барактарынан белгилүү болгондой кыргыз калкы 1916-жылдагы улуттук-боштондук күрөш же “Үркүндөн” катуу жабыркап, оор сыноолорду баштан кечиришкен. Кайран эл жаңы саясий процесстердин курмандыгы болуп кара жандары канжыга менен каны көөкөрдө тургандыгына карабастан тарыхый кырдаал учурунда да мамлекеттүүлүктүн жаңы формада кабыл алынуусуна өзгөчө таасир этишкен.1917-жылдагы Улуу Октябрь революциясынын жеңишинин натыйжасында Борбордук Азия менен дүйнө жүзүн өзгөрткөн шарт түзүлүп Советтик Социалисттик Республикалар түзүлдү. Кыргыздар эңсеп келген эгемендикке алгачкы кадамдар башталып кыргыз мамлекетин калыбына келтирүүгө мүмкүнчүлүк жаралган. Кылымдарды карытып келген Улуу кыргыз элинин тарыхый укуктары эске алынып – суверендүү өз алдынча мамлекетин түзүү идеясы ишке ашты. Философ Дени Дидро “Адегенде терминдерди макулдашып алалы, ошондо гана адашуудан кутулабыз” - деп белгилегендей жогорудагылардын негизиндеги түшүнүктөргө тарыхый жана саясий изилдөөлөр жүргүзүлүп келет. Эркин мамлекеттин пайдубалын түптөөдө нечендеген эар азаматтарынан, мыктыларынан ажыроого дуушар болсо да, азыркы Борбордук Азиянын мамлекеттеринин конфигурациясы аяктап, картасы кыргыз мамлекети жок сызылып бүтүп калса да. бактыбызга жараша өз мезгилинин чыгаан, билимдүү инсандары улуттук мамлекет түзүүнү, улуттук идеясы катарында кабыл алган бабалардын мурасын эсте тутуп күрөшкөнүн белгилөөгө болот. Манас атабыздан келе жаткан тарыхый максаттын муундан-муунга берилип келгендигин эң сонун түшүнүшкөн. Аны аткарууга жөндөмдүү муун саясий аренага чыккан. Саясий процесстер мамлекеттүүлүк үчүн жеке башын сайган инсандарды изилдөө алардын басып өткөн эмгегин окуп үйрөнүү,

мамлекеттик жана коомдук саясий ишмер Жусуп Абдрахмановдун ролун саясий анализдөө актуалдуу маселелерден болуп саналат.

1922-жылы Кыргыз Республикасын түзүү аракети ишке ашпай калган, Адегенде Кара-кыргыз Автоном облусу, андан эки жыл өткөндөн кийин - 1926-жылы Кыргыз Автономиялуу Советтик Социалисттик Республикасы түзүлгөн. Жусуп Абдрахманов 1924-жылга чейин Казакстандын Жети-Суу аймагында жооптуу партиялык, советтик кызматтарда иштеди. 1925-жылы Москвага чакырылып Бүткүл союздук коммунисттер партиясында Борбордук Комитетинин жооптуу инструктору болуп эмгектенген. 1927-жылы Кыргыз АССРинин Эл комиссарлар төрагасы болуп дайындалган. Андан 9 жыл өткөндөн кийин 1936-жылы Советтик Социалисттик Республикасы болуп түзүлүүсүнө чоң мүмкүнчүлүк түзүлдү. Илгертен эле адамзаттын ресурстарга болгон муктаждыктары жер талаш, улут талаш, журт талаш, мамлекет куруу үчүн болгон билим, акыл таймаштары келечек муундун өкүлдөрүнүн укугунун чектелүү болгон учуруна карабастан өздөрүнүн позициясын коргоо менен өз алдынча алгачкы улуттук мамлекетин түзүүгө жетишишкен.

Профессор А.К.Джусупбеков “Кең мааниде алып караганда жетилген бүтүн жарандык иденттүүлүк - гармониялык өнүккөн жарандык улут, ал жарандык улут же этно улут болуп саналган иденттүү элементтердин негизинде калыптанат” [3. 328 б.] – деп улуттук калыптанууга пикирин белгилеген. Этно улуттук иденттүүлүк жеке жарандык иденттүүлүккө үстөмдүк кылбоосу зарыл, жеке жарандык иденттүүлүк бир же андан көп этноиденттүүлүктөрдү өздөрүнүн негизи катары карабоосу зарыл. Жарандык иденттүүлүк конкреттүү болуп этно улуттук иденттүүлүккө багытталуусу керек болот. Өз кезегинде өздөрүн этно улуттук түзүмдөгү бирдиктүү жарандык жалпылык катары сезүү үчүн бирдиктүү интеграциялык процесстерге өтүүсү керек. Башкача айтканда, ар кандай улуттун өкүлдөрүнүн бир гана жарандык укуктары жана талаптары эмес жарандык абийири, ар-намысы, милдеттери жана жоопкерчиликтери болуусу шарт [3. 328 б.] деп белгилеген. Андыктан саясий маданият да ич ара ара мамилелердин өнүгүүсү үчүн абдан маанилүү.

Окумуштуу Кыяс Молдокасымов: Жусуп Абдрахманов азыркы Кыргызстан мамлекетинин түптөлүшүнө зор салым кошкон инсандардын бири экендигин "Жусуп Абдрахманов совет доорундагы эки улуттук лидердин бири. Кыргыз мамлекеттүүлүгү жок болуп кете турган мезгилде кошуна элдердин баары мамлекеттүүлүккө ээ болуп жатканда Абдрахманов 21 жашынан баштап Кыргызстандын эгемендүүлүгү үчүн күрөшкөн. Анын алгачкы аракетинде натыйжа болгон эмес. 1924-жылы 14-октябрда Кара кыргыз автономдуу облусу түзүлүшүнө өзүнүн устаты Абдыкерим Сыдыков менен күрөшкөн. Бул иштер аткарылбаса Кыргызстандын түндүгү Казакстанга түштүгү Өзбекстан, Тажикстанга карап калмак. Түрктөр Мустафа Кемал Ататүрктү өзгөчө баалайт, биз дагы Жусуп Абдрахманов ошондой сыйлашыбыз керек"[6], - деп белгилейт.

Профессор А.Акунов: “ Жусуп Баласагындын эмгеги түрк тилинде жазылган көөнөргүс философиялык-дидактикалык дастан. Бийликтин адилеттүүлүгүнүн символу катары Күнчыктыны (Күн тууду) эсептейт. Айтолду – бийлик ээсинин жардамчысы, увазири. Акдилмиш – акыл ой ээси. Өткүрмүш – колунда барга каниет кылуунун ээси.

“Бек болом, элге башчы деген жандар!
Жөнөкөйлүк, ачыктык үйрөнүп ал.
Өкүмдарлык, бийликти эңсесе ким!
Иши менен илимди бириктирсин.
Илим менен бирдикте ишти башкар,

Билим болсо, ар иштен майнап чыгаар!”[2. 395]. Дастандагы саясат, билим менен илимге түздөн-түз тиешеси бар ой-жүгүртүүлөр кылымдан-кылымга уланып келгендигине токтолууга болот. Жусуп Баласагындын эмгектеринде баса белгиленгендей Жусуп Абдрахмановдун билиминин негизинде СССРдин жетекчилигине Кыргыз Республикасын түзүүнүн зарылдыгын далилдеп, негиздүү тынымсыз кайрылуу каттары менен кайрылып тургандыгын белгилөөгө болот. 1924 жылдан ЦИКтин төрагасы Абдыкадыр Орозбеков: Өкмөттүн катарында Жусуп Абдрахманов 1927-1930 жылдар аралыгында И.В.Сталинге саясий, социалдык, маданий жана экономикалык шарттарын негиздөө менен автономиялык областтан өз алдынча республика болуу зарылдыгын көрсөтүү менен үч жолу официалдуу кат жазып [6] кайрылганын эскерген.

Улуттук мамлекетин түзүүдө Кыргыз эл комиссарлар кеңешинин биринчи төрагасы Жусуп Абдрахманов өз эмгектеринде “Равный среди равных” токтолгондой, байыркы Азияны ээлеген, бир кездеги ээси башка улуттун өкүлдөрүнөн кем эмес болууга тийиш деген ата-бабалардан калган ураан алар үчүн негизги улуу максат болгон миссияны толук аткарууга баш отун сайып жетишишти. Алгачкы пайдубалыбыздын түптөлгөндүгүн белгилөө менен ал башталыш мамлекеттүүлүктүн жаңы формада анан Республика болуп пайда болуусуна негиз болгон.

Профессор Б.М.Торогельдиева: “Конфликт чаще всего определяется через противоречие как более общее понятие, и прежде всего через социальное противоречие. Во многом это результат длительного пребывания советской социологии в русле марксистской теории с характерным для нее понятийным аппаратом” [5.19 б] деп өз изилдөөлөрүндө токтолот. Жусуп Абдрахмановдун Россиянын саясий башкаруусуна карама-каршы келген саясий чечими менен болгон күрөшүн баса белгилөөгө болот. Саясий-социалдык коомдун арасындагы карама-каршылыктар болгондугу да белгилүү.

Ар кандай учурлардын тарыхый аренасында да кыргыздар геосаясий алкакта активдүү роль ойногон, өз алдынча күч болуп, кээ бир учурларда ар кандай окуялардын пассивдүү катышуучулары болгон учурлары кездешкен. Тактап айтканда, эл аралык мамилелердин активдүү жана таасирдүү субъекти же пассивдүү объекти болгон учурлар менен ар кандай кырдаалдарды баштан кечиришкен. Кылымдардан кылымдарга, муундан-муунга уланып келген алгачкы мамлекетин, андан кийин “Улуу кыргыз держава” империясын колдон чыгаргандыктары андан бери карай өз алдынча мамлекет куруу идеясы - бул жалпы кыргыз калкынын негизги түбөлүктүү умтулуусу болгон. Өз алдынча эркин жана азаттык үчүн күрөштөр улуттук идеяга айлануу менен тарыхый татаал жолун алдыга сүйрөп келди. Дал ушундай улуттук идеялары XX кылымдын башында мамлекет курууга болгон жөндөмдүүлүгүнөн ажыратпастан пассионардуулугу менен жаратман энергиясы анын эгемендикке болгон эркин улады. Калкты калк кылган, эчен сыноолордо жок кылынбастан аман келишин шарттоо менен зор күч катары кызмат кылган.

XX кылымдын 20-жылдарында бүгүнкү кыргыз мамлекетинин негиздөөчүлөрү И. Айдарбеков, А. Сыдыков, И. Арабаев, К.Тыныстанов, Ж. Абдрахмановдор өз алдынча кыргыз республикасын түзүү зарылдыгында негизги фактыларга таянуу менен “биз байыркы мамлекеттердин жана бай цивилизациялардын мураскерибиз, кең аймакты ээлеп келген элбиз, азыркы башка элдерге таандык деп бурмаланып жазылган жерлер бизге таандык” деген аргументтерге таянган [6]. Жер-суунун аттарын туш келди атаган эмес. Тарыхый жана кыргызча аты турса, аны бурмалап башка тилге ылайыкташтырып атоо жер, суу, чек ара маселесинде бизге каршы аргумент болоорун Абдыкерим Сыдыков, Жусуп

Абдрахмановдор сыяктуу чыгаан муундун өкүлдөру 1 кылым мурда эле жакшы билгендигин белгилөөгө болот. Мисалы, тоону "тау" эмес, "тоо", "тепе" эмес "дөбө", "карасук" эмес "кара суу" деп аташкан. Ошондуктан ошол кездеги борбордук бийлик алардын оюна ынанып, адеп автоном түзүлүшү, кийин республика, андан кыйла убакыттан кийин суверендүү эркин Кыргыз Республикасы болуп отурабыз. Дал ошондуктан Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 1920-жылдардагы доорунан кеп козгогондо дегеле кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн эмес "азыркы кыргыз мамлекеттинин калыптануу" мезгили деп анын негиздөөчүлөрүн "азыркы кыргыз мамлекеттинин негиздөөчүлөрү" деп атаганыбыз туура болмок экен.

Жусуп Абдрахманов өзүнүн эскерүүсүндө: По воле судьбы я оказался избранным в Президиум. По окончании своего доклада в перерыве как-то неожиданно Владимир Ильич обратился ко мне ... спросил откуда я. Одним из вопросов был: Сколько у вас процентов русского населения. Я ответил : около пяти. Остальные кто? Казахи и киргизы. Сколько у вас процентов грамотного населения ? Около 2%. Остальные что же неграмотные? На каком языке работает ваш аппарат, советский аппарат? [1. 10 б ] – деп токтолгондугун сьездге чейин да бир топ активдүүлүгү менен кыска-нуска, орус тилинде эркин сүйлөөсү, маңыздуу сөзү, сабаттуулугу менен өзүн көрсөтө алган десек болот.

1937-жылы Жусуп Абдрахманов контреволюциячыл Алашордо уюмунун катышуучусу деген жалаа менен камалгандыгы жана 1938-жылы 5-ноябрда атылгандыгы да Россиянын саясатына каршы күрөшүп, кыргыз калкы эңсеген эгемендик үчүн өз өмүрүн да аябагандыгын белгилөөгө болот. Эгемендикке ээ болгон 1991-жылдын 31 август күнүн окумуштуу А.Акунов: 1991-жыл Союздук республикалардын СССРден эгемендүүлүккө чыккан жылы катары тарыхта калган [2, 103 б] деп тарыхый даталарын белгилейт.

В.И.Ленин указывал, что провозглашение лишь одного из языков государственным является противопоставлением его другим языкам, носит элемент принудительности [4, 79 б.]. "Кыргызстан" китебинде Улуу октябрь төнкөрүшүнүн негизги иделары улуттук тил маселеси, Республика элинин басымдуу бөлүгү түшүнбөгөн тилде иштеген советтик аппарат жергиликтүү калк үчүн жат болгон. Андыктан Кыргызстан өкмөтүнүн аппаратын улутташтыруу иши үч жылда бүтүүгө тийиш деп токтом кабыл алгандыгы белгилүү болгон. Өкмөттүн токтому менен кыргыз кызматчыларынан башкасын баш аяк кыргыз тилин жана жазуусун үйрөнүүнү милдеттүү кылууга жетишкен жана мындай саясий зор чечим болгондугун баса белгилесек болот. Жаңыдан түзүлгөн союздук Республиканын Эл комиссарлар кеңешинин биринчи төрагасы Жусуп Абдрахманов 1928-жылы официалдуу токтом кабыл алган чечими тууралуу өз докладында жазган. Кыргыз тили 1989-жылы гана мамлекеттик тил статусун алды, Бирок "аппарат кызматкерлери кыргыз тилинде сүйлөп, жазууга тийиш" деген Жусуп Абдрахмановдун тапшырмасы ушул күнгө чейин актуалдуу бойдон калып келет. Көп учурларда мамлекеттик деңгээлдеги иш-чаралар башка тилде өтүүсү өкүндүрөт. Ал мезгилде кыргыз эмес башка улуттун өкүлдөрү гана кыргызча билбей турган болсо, азыр кыргыз кызматкерлери кыргыз тилин билбеген оор кырдаал. Ошон үчүн "Эсилим, эгер кайра жаралсаң, биздин элде, биздин жерде туула көр!" деп байыркы кыргыз бекеринен таш эстеликтерге жазбаса керек.

Казахстандагы ачарчылык менен жуттун айынан, жер которуп качып келген боордош казак элине чыныгы достуктун улуу символун көрсөтүп, өлүмдөн сактап калуудагы эрдиги менен саясий оор кырдаалда кабыл алган саясий чечими да Жусуп Абдрахмановдун улуу саясий башкаруучулук сапаты деп белгилейбиз.

Жыйынтыкап айтканда, кыргыз мамлекетинин өнүгүүсү үчүн кара башын сайган, улуу инсандын өмүр жолу келечек муундар үчүн түгөнгүс байлык деп айтсак жаңылышпайбыз. Анткени Жусуп Абдрахмановдун саясий өмүр жолу ар дайым колдонулуп жашоодо негиз болуп келгендигин жогоруда айтылгандардын негизинде белгилөөгө болот. Жусуп Абдрахмановду изилдөөчүлөр туруктуу мамлекеттин калыптануусу менен туруктуу өнүгүүсүндө билимдин, балдарды тарбиялоонун маанилүүлүгүн аныктайт. Саясий чөйрө менен болгон байланыштар жана окшоштуктар бүгүнкү күндүн саясатына дал келүү менен кыргыз салттуу билиминде колдонулуусуна чоң шарт түзүп жатат. Жусуп Абдрахмановдун ошол эмгектери жогорку класстын мектеп окуучуларына, жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн атайы курс катары саясат таануу, мамлекеттик кызматкерлерди даярдоо сыяктуу профилдик факультеттер үчүн атайын курс катары киргизилүүсү зарыл.

Адамдын өнүгүүсүндө, айлана чөйрөнү дүйнө жүзүн кабыл алуусу, ой-жүгүртүүсүнүн өсүүсү ушул айтылган салттуу билимди билүүгө, колдонууга зарыл экендигин мезгил көрсөтүп келет. Жусуп Абдрахманов өзүнүн саясий карьерасында ошол доордогу объективдүү чындыкты, коомдук жана жеке саясий аң-сезим алкагында чагылдырууга жетишкен. Анын саясий ой-жүгүртүүсү жашоонун жалпы баалуулук идеяларын өз ичине камтып, дүйнө таанымынын денгээлинен кабар берип турат. Бул эмгекте саясий башкарууга өзгөчө көңүл бурулуп, саясат, коомдук турмуштун бардык жактарынын бирдиктүү туюндусу болгондуктан анын коомдук өнүгүүнүн экономикалык жана руханий маселелеринин саясий чечимдерин камсыз кылгандыгы, саясий башкаруудагы адилет жолду көрсөтүүгө аракеттенгендигин кыргыз саясий билимине таандык экендигин баса белгилеп кетүүгө болот. Келечек муундарды тарбиялоодо, өнүккөн коомду курууда дагы да изилденүүнү коом арасында улантуу зарыл.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Абдрахманов Ж. “1916 Дневники письма к Сталину”. Изд. Турар. Бишкек. 2012 ж.
2. Акунов, А.А. Кыргызстан эгемендик доорунда [Текст] / А.А. Акунов // – Бишкек. - 2021. –593-б.
3. Джусупбеков, А.К. Этническая идентичность номадов. [Текст] / А.К. Джусупбеков // − Бишкек. Илим, – 2009. -328-б.
4. Ленин В.И. Полное собрание сочинений [Текст] В.И.Ленин. стр. 79
5. Торогельдиева, Б.М. Модернизация политической культуры в Кыргызской Республике [Текст]: монография / Б.М. Торогельдиева// – Бишкек: − 2019. –стр 168.
6. www.google.kg

**УДК:93\94(9-05)(575.2)**

**СЫДЫК СМАДИЯРОВ**
**ОшМУнун доценти**
**доцент ОшГУ**
**Ssmadiyarov@mail.ru**

# ЖУСУПТУН МАХАБАТЫ

(Жусуп Абдрахмановдун жеке турмушуна сүртүмдөр)

**Аннотация**

Бул макалада Жусуп Абдрахмановдун “Күндөлүгүндөгү” маалыматтарга негизделип, автордун жеке турмушундагы айрым эпизоддорду чагылдырылат.

**Ачкыч сөздөр:** Кыргызстан, Эл комиссарлар кеңеши, төрага, Ленинград, “троцкистка”

## ЛЮБОВЬ ЮСУПА

**(Штрихи к личной жизни Юсупа Абдрахманова)**

**Аннотация**

В данной статье на основе сведений, содержащихся в “Дневнике” Юсупа Абдрахманова отражаются некоторые эпизоды из личной жизни автора.

**Ключевые слова:** Кыргызстан, Совет народных комиссаров, председатель, Ленинград, “троцкистка”

## YUSUP’S LOVE

**(Features to Yusup Abdrakhmanov’s private life)**

**Summary**

This article represents some episodes from the author's personal life, based on the information contained in the "Diary" by Yusup Abdrakhmanov.

**Key words:** Kyrgyzstan, the Council of People's Commissars, the chairman, Leningrad, the "Trotskistka".

Жусуп Абдрахманов өткөн кылымдын 20 – 30 - жылдарындагы Кыргызстандын көрүнүктүү саясий жана мамлекеттик ишмери. Ал, кыргыз улуттук советтик мамлекеттүүлүгүнүн башатында туруп, анын калыптанышына жана өнүгүшүнө зор салым кошкон тарыхый инсан.

Жусуп өз замандаштарынан бийик интеллектуалы, жогорку профессионалдык даярдыгы, жаратылыш берген жетекчилик таланты, саясий жактан алдын ала көрө билгичтиги менен айырмаланып турган. Ал кыска, бирок мазмундуу өмүр сүрдү. Өкүнүчтүүсү анын өмүр жолу, мамлекеттик ишмер катары чыгармачылык кудурети толуп - ташып турган кезинде, 37 жашында 1938 - жылдын 5 -ноябрында, сталиндик «опричниктер» тарабынан жалган жалаа менен «эл душманы» аталып, мыйзамсыз кыйылган.

Жусуп Абдрахманов 1958 - жылы СССР Жогорку сотунун аскер коллегиясы тарабынан, ал эми 1988 - жылы партиялык жактан күнөөсүз экендиги далилденип, толук акталды. Ошентип, «ак ийилет, бирок сынбайт» демекчи, тарыхый чындык калыбына келтирилип,

анын ысымы элибиздин улуу тарыхый инсандарынын катарынын алдыңкы сабынан орун алды.

Мамлекетибиз эгемендүүлүккө ээ болуп, коомубузда демократиялаштыруу процесси башталган мезгилден бери Ж. Абдрахмановдун өмүр жолуна, ишмердүүлүгүнө арналган көптөгөн эмгектер, ошону менен катар анын өзүнүн эмгектери, Күндөлүгү, Сталинге жазган каттары жарык көрдү. Бул иштерди жасоодо, биз, академик А. Какеевдин, Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын мүчө - корреспонденти, т. и. д. Дж. Джунушалиевдин, т.и.д., профессор З. Курмановдун, т. и. к. И. Семеновдун, т.и.к., профессор Д. Сапаралиевдин зор салымын белгилөөбүз абзел

Бирок, Ж. Абдрахмановдун өмүр жолу, саясий - мамлекеттик ишмердүүлүгү, жеке турмушу бул мезгилге чейин жарык көргөн эмгектерге карабай, толук изилденип бүттү деген ойдон алыспыз. Ж. Абдрахманов көп кырдуу тарыхый инсан, демек анын тарых – таржымалына арналган көп изилдөөлөр али алдыда.

Жусуп Абдрахмановдун өз замандаштарынан дагы бир айырмачылыгы, анын Күндөлүк жазгандыгы. Бул көрүнүштү биз Жусуптун жан дүйнө маданиятынын, интеллектинин бийиктиги катары баалашыбыз керек. Өкүнүчтүүсү, ошол «Күндөлүгүнүн» Жусуп Абдрахмановдун тагдырында кесепеттүү да ролду ойноп кеткендиги. Анткени, ал(Ж. Абдрахманов), «Күндөлүгүндө» ошол мезгилде жүргүзүлүп жаткан партиянын саясатынын туура эмес жактарын ачык жазган жана айрым бир партиялык жетекчилерге (мис.: Сталинге!!!, Кагановичке) сын көз караштагы, бирок, адилет мүнөздөмөлөрдү берген. Ошондой эле, ал, өз Күндөлүгүндө Кыргызстанга партиялык сүргүнгө келген Мария Натансон менен болгон ынак мамилеси, ыйык сезими, ага байланышкан ички толгонуулары жөнүндө көп жазган. Жусуптун жан дүйнөсүн түшүнүү үчүн, анын «Күндөлүгүндөгү» жеке турмушуна байланышкан ички ой – толгоолорун да түшүнүү менен кабыл алып, аларга туура баа берүү өтө маанилүү.

Адам кандай кызматта болбосун, эмне иш аткарбасын адамдык керектөөлөрдөн, зарылдыктардан арыла албайт. Руханий багытта болсо, ар бир инсандын өз интеллектине ылайык ички дүйнөсү, толгонуулары, сезими, сүйүүсү - жеке турмушу (личная жизнь) болот. 1928 - жылдын эрте жазында Кыргыз АССРинин Эл комиссарлар советинин төрагасы болуп иштеп турган 27 жаштагы Жусуп Абдрахманов Ленинград (азыркы Санкт – Петербург) шаарынан саясий сүргүнгө келген Мария Натансон аттуу аял менен таанышат. Бул эки адамдын (Жусуп менен Мариянын), өз мезгилинин эки жогорку интеллекттеринин ортосунда дүйнөгө болгон көз караштарынын окшоштугунун, пикирлештигинин негизинде чоң достук жаралып, ал, акырындап, бийик назик сезимге айланган[1]. Кыргыздын чыгаан уулу Жусуптун жүрөгүн ээлеп алган бул аял ким эле?

Мария Натансон 1927 - жылы партиянын XV съездинин чечими менен "«Бириккен оппозицияга» катышы бар" деген айып тагылып, партиядан чыгарылып, өзү сыяктуулар менен кошо Орто Азияга жөнөтүлгөн (саясий сүргүнгө айдалган – С. С.). Ал 1928 - жылдын 3 - мартынан 26 - сентябрына чейин Кыргыз АССРинин Мампланынын өнөр жай секциясында экономист болуп иштейт. Ушул жылдын аягында Мария Ленинград шаарына кайра кайтып, кийинки жылы партияда калыбына келтирилген. Мария Натансон 1917 - жылдан бери партиянын мүчөсү болуп, 1917 - 27 жылдары Ленинград шаарында партиялык ар кандай кызматтарда иштеген. 1919 - жылы ал, төңкөрүшчүл Петрограддын Выборг районунда түзүлгөн коммунист - футуристтер («Ком - фут») тобунун секретары болгон[2].

Кыргызстанга келгенде, орустун улуу акыны Владимир Маяковский атагандай, Муся Натансон 27 жашта эле, б. а. Жусуп Абдрахманов менен жашташ болгон.

Жусуптун «Күндөлүгүн» окуп отуруп, анын (Күндөлүктүн) жазылышына түрткү болгон себептердин бири (балким, негизгисидир – С.С.), «Күндөлүк» ээсинин Марияга болгон бийик сезими, ошого байланыштуу ички толгонуулары, ой - тилектери болгондугун баамдого болот. Ал жөнүндө Жусуп өзү да «Күндөлүгүндө» минтип жазган: *10. XI. 30ж. "Мен бир жолу күндөлүк жүргүзүүгө аракет кылдым, бирок кийин таштап койдум. Менин күндөлүк жазууга киришкенимдин түздөн - түз себепкери, ал, менин жеке турмушумдагы бир эпизод жөнүндөгү күбөнү сактап калуу тилегим болду*»[3]. Чындыгында эле Жусуптун «Күндөлүгү» Мария Натансондун (Жусуп аны күндөлүгүндө М. Н. деп жазат – С.С.) ысымы менен башталып (19. VIII. – 28 ж.), анын ысымы менен бүткөн (11.XI.- 32ж.) жана бул аялдын ысымы «Күндөлүктө» 51 жолу !!! эскерилет.

Күндөлүктөгү жазуулардан биз Жусуп Абдрахмановдун Мария Натансонду бекем сүйгөндүгүн, ал киши (Мария Натансон) биздин каарманыбыздын эң жакын адамына, досуна, сырдашына айлангандыгын байкайбыз. *«... Ал (М. Н.) менин жашоомдогу, мен бекем сүйгөн жана бекем достошкон жалгыз адамым. Менде андан жашырган жана жашыра турган эч кандай сыр жок. Менин бардык аракеттерим, ойлорум жана тилектерим – ага белгилүү, анткени аларды ага өзүм айтып бергем жана айтып берем…*»[4] деп, жазат Жусуп 1928 - жылдын 19 - августунда өз «Күндөлүгүндө».

Жусуп менен Мариянын ортосундагы мындай ынак мамиле, Мария Кыргызстандан кеткенден кийин да, 1932 - жылдын октябрь айына («Күндөлүк» бүткөнгө ) чейин улана берген. Бул аралыкта Жусуп чарба иштери боюнча Москвага келген ар бир командировкасында, Ленинград шаарында окуп жана иштеп жаткан Марияга жолугууга аракет кылган жана жолугуп турган. Ал эми, Кыргызстандан болсо тынымсыз кат - открыткаларды жөнөтүп тургандыгы маалым. Ал жөнүндө Жусуп «Күндөлүгүндө» өзү мындай деп жазат: *«1. IV. 31ж. Күндөлүк жазууга тоскоолдук кылган дагы бир кырдаал, бул жумуштан бошогон минуталардын дээрлик баарынын М. га кат жазууга кеткендиги*»[5]**.**

1931 - жылдын 25 - майында Кыргызстандын борбору Фрунзе шаарынан жөнөп кеткен Жусуп Абдрахманов 12 - июлга чейин, 47 күн Ташкент, Москва, Днепропетровск, Гагра, Сочи шаарларында болуп, өнөр жай иштери менен таанышкан жана эс алган. Мына ошол 47 күндүн 40 күнүн Жусуп, күндөлүктө көрсөтүлгөндөй, Мария менен бирге өткөргөн. Деги эле Жусуп өзү, Мария Натансон менен ынак мамиледе, достукта болгон жылдарын турмушундагы эң бактылуу учурлардын бири катары белгилеген. Еврей кызы Мария Натансон 1934-жылы камакка алынып, Түндүк-чыгыш лагерлеринин бирине жөнөтүлгөн. 1937-жылдын сентябрында атууга өкүм чыгарылып, ал аткарылган. Акыркы мезгилдерде, айрым божомол - маалыматтарга таянсак, "Мария Натансон камакка алынар алдында бир эркек бала төрөп, аны эжеси багып алып, Тблиси шаарына алып кеткен экен. Мына ошол бала Жусуп Абдрахмановдун баласы, Россиянын белгилүү саясатчысы, учурунда премьер - министрлик кызматты аркалап турган маркум Евгений Примаков" [6]деген пикирлер айтылууда. Албетте, бул маалымат тыкыр иликтөөнү талап кылаары талашсыз. Жусуп Абдрахмановдун тагдырында, Мария Натансондун ысымы Жусуптун бактылуу күндөрү менен гана байланышпастан, кайгылуу ролду да ойноп кеткендиги өкүнүчтүү. 1928 - жылы эле, Жусуптун каршылаштары БКП(б)нын Борбордук Контролдук Комиссиясына Ж. Абдрахмановдун *« ...троцкистканын таасиринен чыга албай калгандыгын»* кабарлашып,

жашыруун бир нече арыз жазышкан. Коллегасы Ходжахан Шооруков болсо, М. Натансон менен болгон байланышы үчүн, Жусупка наарazычылыгын ачык эле билдирген. Кийинчерээк, 1937 - жылы Жусуп Абдрахманов мыйзамсыз камакка алынганда, ага таңууланган күнөөлөрдүн бири, «троцкистка М. Н.» менен болгон байланышы болгон[7].

ХХ кылымдагы кыргыздын белгилүү мамлекеттик жана саясий ишмери Ж. Абдрахмановдун жеке турмушунан келтирилген жогорудагы эпизоддорду, окурман анын интеллектинин, руханий жан дүйнөсүнүн бийиктигинин белгиси катары кабыл алат деген ишенимдебиз.

Акырында макалабызды Жусуп Абдрахмановдун «Күндөлүгүнөн» алынган, жеке турмуш жөнүндөгү анын төмөнкүдөй саптары менен бүтүргүбүз келет: *«Бүткүл адамзаттын жалпы ишине биротоло берилгендигин, андыктан жеке турмушунан баш тарткандыгын, жеке турмуш алардын аң - сезиминде эч кандай роль ойнобогондугун далилдөөгө аракеттенген адамдар бар. Менимче алар, жөн эле калп айтышат*»[8].

Элине, өзүнө калп айталбаган Жусуп Абдрахманов өз «Күндөлүгүндө» жеке турмушу жөнүндө да көп ички ой толгоолорун жазган, чындыкты жазган. Анткени, “Күндөлүгү”, Жусуптун оор күндөрүндөгү жалгыз “сырдашы” болгон. Бирок, жогоруда белгилеп кеткендей, «Күндөлүгү» анын тагдырында кесепеттүү ролду ойноп, анын камакка алынышына ал да себепкер болгон.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Смадияров С. Кыргыз мамлекети автономия жылдарында (1924-1936-жж.): түзүмү, ишмердиги, ишмерлери. – Ош, 2016. – 148-б.
2. Какеев А.Ч. Юсуп Абдрахманов и московские интеллектуалы /Проблемы истории государства и культуры. – Бишкек, 2004. – С.47-56.
3. Абдрахманов Ю. 1916. Дневники. Письма к Сталину. – Фрунзе, 1991- С.123.
4. Ошол эле жерде, ... – 96-б.
5. Ошол эле жерде, ... - 162-б.
6. Жусуп Абдрахмановдун кызы Ленина Жусуповнанын “Азаттык” радиосуна берген маегинен.
7. Смадияров С. Кыргыз мамлекети автономия жылдарында (1924-1936-жж.): түзүмү, ишмердиги, ишмерлери. – Ош, 2016. – 150-151-бб.
8. Абдрахманов Юсуп Избранные труды / Сост. Дж. Джунушалиев и др., НАН КР, Институт истории, Обществ. Фонд «Иссык-Куль». – Б., 2001. – 86-87-бб.



**УДК: 947.1\9(575.2)**



**ОСМОНОВ САМАРБЕК**
**ОшМПУнун доценти**
osmonovs@bk.ru


## ЖУСУП АБДРАХМАНОВ ЖАНА ЧЕХОСЛОВАКИЯЛЫК «ИНТЕРГЕЛЬПО» ПРОМЫСЛОЛУК КООПЕРАТИВИ

**Аннотация**


Бул макалада автор кыргыз өкмөт башчысы Жусуп Абдрахмановдун 1925ж. Пишпекке келген чехословакиялык “Интергельпо” кооперативин камсыздоо боюнча ишмердигин

иликтеген. “Интергельпо” кооперативинин Кыргызстандын өнөр жайынын калыптанышына жана өнүгүшүнө кошкон салымын аныктаган.
**Ачкыч сөздөр:** Кыргызстан, өнөр жай, кустардык өндүрүш, Чехословакия, “Интергельпо”, эсперанто, промыслолук кооператив.

## ЖУСУП АБДРАХМАНОВ И ЧЕХОСЛОВАЦКИЙ ПРОМЫСЛОВЫЙ КООПЕРАТИВ «ИНТЕРГЕЛЬПО»

**Аннотация**
В данной статье автор рассматривает деятельность главы кыргызского правительства Жусупа Абдрахманова по снабжению чехословацкого кооператива “Интергельпо”, приехавшего в Пишпек в 1925г. Определяет вклад кооператива “Интергельпо” в становление и развитие промышленности Кыргызстана.
**Ключевые слова:** Кыргызстан, промышленность, кустарное производство, Чехословакия, “Интергельпо”, эсперанто, промысловый кооператив.

## ZHUSUP ABDRAKHMANOV AND THE CZECHOSLOVAK TRADE COOPERATIVE "INTERGELPO"

**Annotation**
In this article, the author examines the activities of the head of the Kyrgyz government, Zhusup Abdrakhmanov, to supply the Czechoslovak cooperative "Intergelpo", which arrived in Pishpek in 1925. Determines the contribution of the cooperative "Intergelpo" to the formation and development of industry in Kyrgyzstan.
**Key words**: Kyrgyzstan, industry, handicraft industry, Czechoslovakia, "Intergelpo", Esperanto, trade cooperative.

Жусуп Абдрахманов жашап, иштеген мезгилде, б.а., өткөн кылымдын 20-30-жылдарында Кыргызстандын саясий турмушунда, эл чарбасында, маданиятында буга чейинки кылымдарды камтыган кыргыз тарыхында болуп көрбөгөн эбегейсиз чоң өзгөрүүлөр болгон. 26 жашында Кыргыз АССРинин Эл комиссарлар кеңешинин (ЭКК) төрагалык кызматына келген (1927-1933жж.) Жусуп Абдрахманов мына ошол өзгөрүүлөрдүн чордонунда болуп, алардын ишке ашуусуна олуттуу салымын кошкон. Ал өзгөрүүлөрдүн маани-маңызын, кечээги эле заманда кор болуп эзилген кыргыз элинин келечеги үчүн алардын ордун акыл-көрөңгөсү менен туюп түшүнгөн. Ал, советтик - партиялык жыйындарда жасаган докладдарында, массалык маалымат каражаттарындагы макалаларында, “Күндөлүгүндө” өткөн заманда азап чегип жүдөгөн кыргыз элинин турмушун түп тамырынан бери өзгөртүп жаткан эл чарбасындагы социалисттик кайра куруулардын жетишкендиктерин ар дайым баса белгилеген, жетишпеген жактарын, кемчиликтерин, катачылыктарын тайманбай бетке айткан. Ошол иш чараларды турмушка ашыруу, катачылыктарды жоюу үчүн жан үрөп, ак дилинен эмгектенген. Алсак, ал, 1931 – жылдын 4 августунда “Советская Киргизия” газетасында жарык көргөн “Предвестник Октября” деген, 1916 – жылдагы кыргыз элинин улуттук-боштондук көтөрүлүшүнүн 15 жылдыгына арналган макаласында: “ Совет бийлигинин 14 жылында кыргыздардын

эмгекчи массасы, өздөрүнүн мурдагы бүт тарыхый доорлорунда жетишпеген ийгиликтерге жетишти” деп, белгилеген[1].

Мына ошондой кайра куруулардын маанилүү багыттарынын бири – өнөр жай тармагы болгон. Кыргызстандын революцияга чейинки өнөр жайы негизинен кустардык мүнөздө эле. Кыргызстандын түштүгүндө кен байлыктарды иштеткен аз гана чакан өнөр жай ишканалары иштеген. Өнөр жай өндүрүшүндө иштеген жумушчулар жалпы калктын – 0,3%гана түзгөн[2]. Ал эми, кыргыз жумушчулары андан да бир топ эсе аз болгон.

Социализмди куруунун лениндик планынын негизги багыттарынын бири – өнөр жайды, анын ичинде оор өнөр жайын өнүктүрүү (индустриализация) болгондуктан, советтик Кыргызстандын эл чарбасын өнүктүрүү ишинде өнөр жай тармагын өнүктүрүүгө да өзгөчө көңүл бурулган. Бул жараянга жергиликтүү эл эле эмес, совет өлкөсүндөгү ар түрдүү улуттардын өкүлдөрү, атүгүл алыскы чет өлкөдөн келген жарандар да катышып, өз салымын кошкон. Ага Кыргызстанга келген чехословакиялык “Интергельпо кооперативинин ишмердиги күбө.

Ал жөнүндө Жусуп Абдрахманов өз Күндөлүгүндө да эскерген. Ал мындайча болгон. Кыргыз АССРинин ЭККсынын төрагасы республиканын чарбалык-маданий маселелерин чечүү үчүн, Москвада, өзү айткандай , “чоң адамдардын босоголорун жыртып” жүрүп, 1928-жылдын 18 – сентябрында СССРдин ошол кездеги ички жана тышкы соода эл комиссары А. И. Микоянга Кыргызстанда эт рыногун ачуу маселеси боюнча кирип, “ошол эле жерден “Интергельпонун нооту (сукно) фабрикасын уяң жүндүү сырьё менен камсыздоо маселесин” да чечип чыгат. А. Микоян өзүнүн орун басары Хинчукка “Интергельпонун” жүнгө болгон талабын толук камсыздоо жөнүндө, ошол эле жерден көрсөтмө берет[3]. Мындан биз, ошол кездеги Кыргызстандын ар бир өнөр жай ишканасы, анын көйгөйлөрү Кыргыз ЭККсынын төрагасынын көңүл борборунда болгондугун байкайбыз. Бул, Жусуп Абдрахмановдун жектекчилик сапатынын дагы бир өзгөчөлүгү.

Чехословакиялык “Интергельпо” промыслолук кооперативи жаңыдан түзүлүп, телчигип келе жаткан Кыргыз советтик улуттук мамлекетинин эл чарбасынын (айрыкча өнөр жайынын) өнүгүшүнө өзгөчө салым кошкон. Тилекке каршы, “Интергельпонун” ишмердиги тууралуу жаш муун дээрлик билбей калды. Арийне, тарыхый адилеттүүлүк үчүн анын кыргыз тарыхындагы орду кенен, ара тараптуу изилдениши керек. Андыктан, “Интергельпо” кооперативи жөнүндө макалабызда кыскача маалымат бере кетүүнү максатка ылайык деп эсептейбиз.

Советтик жана эгемендик жылдарындагы адабияттарда “Интергельпо” кооперативинин тарыхына жана ишмердигине арналган төмөнкүдөй бир абзацтан ашпаган маалыматтарды окууга болот(адабият кайсы тилде жазылса, шилтеме ошол тилде берилди- О.С.) : “Яркую страницу в историю промышленного развития Киргизии 20-х годов вписала деятельность чехословацкого промыслового кооператива “Интергельпо” (“Взимопомощь”). “Интергельпо” организовался 1 мая 1923 г. в словацком городе Жилине по инициативе Компартии Чехословакии. Важную роль в этом сыграл активный участник борьбы за Советскую власть в Семиречье Р. П. Маречек. Создание кооператива было достойным ответом чехословацких рабочих на призыв В.И. Ленина оказать помощь молодой Советской стране в строительстве социализма. Прибывшие в апреле 1925 г. в Пишпек чехословацкие рабочие возвели механизированный кожевенный завод, лучший в Киргизии, а также, лесопильный и кирпичный заводы, механизированные мастерские, где были организованы обувное, столярное, слесарное и портняжное производство. Вскоре стала